№63 (3617) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2024-жылдын
20-августу

www.erkin-too.kg

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек ЖАПАРОВ:

## “КЫРГЫЗСТАН КЕЛЕЧЕГИ КЕҢ ӨЛКӨ ЭКЕНИН БҮТ ДҮЙНӨГӨ КӨРСӨТҮШҮБҮЗ КЕРЕК”




Жогорку Кеңештин депутаты
Сүйүн ӨМҮРЗАКОВ:

## "ЖАРАТЫЛЫШ КЫРСЫГЫНАН ЖАБЫРКАГАН ЖЕРЛЕРГЕ ЖАКШЫ ЖАРДАМ БЕРИЛҮҮДӨ"







Кыргыз күрөшү федерациясынын
президенти Рыскелди ШАМИЕВ:

## “ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНӨН ТАНДАЛГАН БАЛБАНДАР КЫРГЫЗ КҮРӨШҮНҮН ЧЕМПИОНАТЫНА КЕЛЕ ЖАТЫШАТ”

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg



№63 (3617)
2024-жылдын 20-августу

# БАТКЕНДЕ КЫРГЫЗ-ТАЖИК МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫ БОЮНЧА ЖОЛУГУШУУ БОЛДУ





Тараптардын жетишилген макулдашуусуна ылайык, 2024-жылдын 11-августунан 17-августуна чейин кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасын демаркациялоо жана делимитациялоо боюнча Кыргыз Республикасынын жана Тажикстан Республикасынын Өкмөттүк делегацияларынын укуктук маселелер боюнча жумушчу топторунун жана топографиялык жумушчу топтордун кезектеги жыйыны Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен шаарында болуп өттү.

Бул жолугушуунун жүрүшүндө тараптар талкууну улантып, калган тилкелерде кыргыз-тажик мамлекеттик чек ара сызыгынын өтүүсүн сыпаттоо боюнча сунуштар менен алмашышты. Тараптар калган аймактарды сыпаттоо иштерин кезээрки жумада Тажикстан Республикасынын аймагында боло турган кезектеги жолугушууда улантат.

Жолугушуунун жыйынтыгында тиешелүү протоколго кол коюлду. Жолугушуу достуктун жана өз ара түшүнүшүүнүн кырдаалында өттү.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ИДПсынын КӨЛӨМҮ 677 МЛРД СОМДОН АШТЫ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 19-августта Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кызматкерлери менен кеңейтилген жыйын өткөрдү. Жыйындын жүрүшүндө Акылбек Жапаров өлкөнүн алдына коюлган милдеттерди натыйжалуу ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн координацияланган ишинин маанилүүлүгүн белгиледи. Ал Администрациянын ишинин негизги аспектилерине токтолуп, мыйзамды так сактоонун жана аткарылган иш үчүн жогорку жоопкерчиликтин зарылдыгын белгиледи.

"2024-жылдын январь-июль айларында Кыргызстандын ИДПсынын көлөмү 677 миллиард сомдон ашты, ал эми ИДПнын реалдуу өсүү темпи 8,7%ды түздү. Эгерде Кумтөрдүн салымын эске албасак, анда ИДПнын көлөмү реалдуу түрдө 10,6%га өстү, бул өлкөдөгү экономиканын олуттуу өсүшүн жана 2023-жылга салыштырмалуу өсүү темпинин тездегенин белгилейт. Дүйнөлүк туруксуздуктун жана чакырыктардын шартында мындай өсүш – экономика жөн эле ыңгайлашпастан, ал жаңы деңгээлге чыгып, чыныгы бурулушту көрсөттү" деди.

## ЭЧ КИМДИН МҮДҮРҮЛҮҮГӨ АКЫСЫ ЖОК

Төрага Акылбек Жапаров жыйындын жүрүшүндө "Эч кимдин мүдүрүлүүгө акысы жок, артка кайтууга жол жок. Олку-солку болууга жана коркууга орун жок. Сиздер эртеңки күндүн ачкычын өзүңүздөрдүн колуңуздарда кармап турасыздар, биз жаркын жана стабилдүү келечектин эшигин ачууга милдеттүүбүз. Сиз экөөбүз жөн гана мамлекеттик кызматкер эмеспиз. Биз Кыргыз Республикасынын келечегинин архитекторлорубуз. Ал эми тигил же бул милдеттерди кандай аткара турганыбыз тууралуу биздин урпактарыбыз биздин кандай эстээринен көз каранды" деди.

Акылбек Жапаров жакырчылык менен күрөшүү боюнча активдүү иштерди белгиледи. Маселен, 2022-жылы 111 миңге жакын аз камсыз болгон үй-бүлө болсо, 2024-жылы алардын саны 81 миң үй-бүлөгө азайган. Акыркы 3 жылда 13 миңге жакын үй-бүлө социалдык келишим менен камсыз болгон.

"Үстүбүздөгү жылы биз дагы 23 миң аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө каражат бөлөбүз. Мындан тышкары Улуттук инвестициялык фонд түзүлүүдө, ал мамлекеттик ишканалардын ишинин натыйжалуулугун жана кирешелүүлүгүн жогорулатуу максатында алардын консолидацияланышына багытталган. Менеджменттин дүйнөлүк стандарттарына жооп бере турган жаңы башкаруу куралы киргизилет. Президенттин Администрациясынын кызматкерлеринин жөндөмдөрү жана компетенциялары бул жаңычылдыктарга дал келүүгө жана өз ара байланышта болууга тийиш. Биз ар кандай тоскоолдуктарды жеңе аларыбызды бир нече жолу далилдедик. Эми кийинки деңгээлге көтөрүлүү убактысы келди. Биз ар кандай чакырыктарга жөн гана даяр экенибизди көрсөтпөстөн – биз аларды жаратууга, аныктоого, жеңүүгө убакыт келди. Сиздин ар бир кадамыңыз хирургдун кескениндей так болушу керек. Биз өзүбүздү жана жагдайды аябастан, чечкиндүү аракеттенүүгө милдеттүүбүз" деди Төрага.



## СИЗДЕР "КӨРҮНБӨГӨН ФРОНТТУН ЖООКЕРЛЕРИСИЗДЕР"

"Мен ар дайым сандарды окуп, туура тыянак чыгара билүү – бул биздин мындан аркы ийгиликтерибиздин ачкычы экенин айтып келем. Сандар биздин аналитикалык куралыбыз жана стратегиялык чечимдерди кабыл алуу үчүн негиз болушу керек. Биз бул сандардын артында эмне турганын жакшыраак түшүнүүгө тийишбиз. Статистика жана маалыматтар бизге ар бир тармак, ар бир аймак боюнча абалды көрсөтүп турат. Мисалы, кайсы тармактарда эң көп өсүш байкалууда, кайсы аймактар ИДПнын өсүшүнө олуттуу салым кошуп жатат жана мындан аркы өнүгүү үчүн күч-аракетибизди кайда топтошубуз керек. Бул сандардан биз чыгарган тыянактар мындан аркы аракеттердин негизин түзүшү керек" деп Акылбек Жапаров жыйын учурунда өз пикирин билдирди.

Ал ошондой эле Кыргызстан акырындык менен атаандаштыкка жөндөмдүү жана күчтүү мамлекеттердин башка "лигасына" өтүп бара жатканын, ошоо жараша эл аралык каржы институттары менен өз ара аракеттенүү да сөзсүз түрдө өзгөрөрүн кошумчалады.

"Мен сиздерге жетекчи катары эмес, сиздер менен бир миссияны бөлүшкөн адам катары айтып жатам. Бул жерге Президенттин Администрациясынын кызматкерлери эле чогулган жок. Сиздер "көрүнбөгөн фронттун жоокерлерисиздер", өлкөнүн тагдыры мойнунда турган сакчыларысыздар. Сиздердин ар бириңиздер мамлекеттик башкаруунун бардык механизмин алдыга жылдырган негизги элементсиздер. Биз бул жерге чоң миссия менен келдик. Биз өлкөбүздүн жана элибиздин алдындагы ыйык милдетибизди аткарабыз" деди Акылбек Жапаров.

## "БҮГҮНКҮ КҮНДӨ ӨЛКӨ КАЛКЫ БИЗДИ КОЛДОЙТ"

Эл бардык тармакта иштер жакшырып баратканын көрүп, сезүүдө. Бизден темирдей эркти, дыкат тартипти, кынтыксыз эмгекти, чыныгы чечкиндүүлүктү, кайраттуулукту жана тарыхтын агымын өзгөртө турган иш-аракеттерге даярдуулукту талап кылган элибиздин бул "ишеним цифраларын" сактап, мындан ары дагы арттырышыбыз керек. Учурда профессионалдуулук менен гана чектелбестен бизден дагы көп нерсе талап кылынат. Биз тарыхый этапты басып өттүк – өлкөнүн ИДПсы 1 трлн 229 млрд сомду (13 млрд 981 млн АКШ доллары) түздү, бул өткөн жылдардагы көрсөткүчтөрдөн бир топ жогору. Акылбек Жапаров ошондой эле адам башына ИДПнын көлөмү дээрлик 2 миң долларды түзсө, 2020-жылы ал болгону 1230 долларды түзгөнүн кошумчалады.

"Миңдеген чакырым жол салынып, жүздөгөн мектептер ачылууда, жолчулар, энергетиктер үчүн атайын техникалар сатылып алынууда, ӨКМ атайын техникалар менен, шаарлар коомдук транспорттор менен толук камсыз кылынууда, бардык аймактарда аэропорттор курулууда, өлкө вертолеттор жана самолёттор менен камсыз болду. Фискалдаштыруу боюнча жүргүзүлгөн реформалар башалаган болгон жок. Алар дыкат текшерилген, илимий негизделген ыкмалар менен колдоого алынган жана фискалдык кызматтардын практикалык тажрыйбасы менен иштелип чыккан" деди Төрага.

## "КЫРГЫЗСТАН ӨЗҮН ДҮЙНӨГӨ ЧОҢ АМБИЦИЯЛАРЫ БАР, ТҮПТӨЛГӨН ӨЛКӨ КАТАРЫ БИЛДИРҮҮГӨ ТИЙИШ"

"Учурдагы реалдуулуктун чегинен чыгуу зарыл болгон мезгил келди, Камбар-Ата-1 ГЭСин, "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жолун куруу сыяктуу ири долбоорлорду ишке ашырууга даяр өлкө катары Кыргызстан өзүн дүйнөгө чоң амбициялары бар, түптөлгөн өлкө катары билдирүүгө тийиш". Бул тууралуу Акылбек Жапаров жыйын учурунда билдирди.

Акылбек Жапаров өлкөнүн өнүгүүсүнүн жаңы этабы курулуп жатканын белгиледи. Ал азыркы Кыргызстандын заманбап эгемендүүлүгүнүн жана мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышынын маанилүү этабы болгон Кара-Кыргыз автономдуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгынын алкагында быйыл ири долбоорлор ишке ашырылып жатканын, анда 100дөн ашык өнөр жай ишканалары жана 100 социалдык объект ишке киргизилерин эске салды. Ал ошондой эле Moody's, Standard & Poor's жана Fitch агенттиктеринин суверендүү рейтингдеринде Кыргызстандын позициясын бекемдөөнүн маанилүүлүгүн белгиледи.

"Биздин милдет – бул рейтингдерде өлкөнүн позициясын жакшыртуу, инвестиция тартуу жана кызматташуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачуу. Биздин реформалардын, прогрессин жана жакшы жакка умтулуунун натыйжасын дүйнө көрүшү үчүн биз колдон келгендин баарын кылышыбыз керек. Биздин стратегиялык максат – өлкөнүн стабилдүүлүгүн жана гүлдөп өнүгүүсүн камсыз кылууга умтулуу. Биз Давос Дүйнөлүк Экономикалык Форуму, Дубайдагы Дүйнөлүк Өкмөттүк Саммити, Азия жана дүйнө өлкөлөрүнүн ортосундагы диалог үчүн эң чоң аянтча болгон Боаодогу (Кытай) Азия экономикалык форуму сыяктуу аянтчаларда катышууга умтулушубуз керек. Биз аны менен токтоп калбастан, жетишкендиктерибизди, амбицияларыбызды, реформаларга берилгендигибизди жана кызматташууга даяр экенибизди дүйнөгө көрсөтүү менен өзүбүздүн уникалдуу көз карашыбызды жана тажрыйбабызды алып чыгышыбыз керек. Бул жөн гана өзүбүздү билдирүү эмес, маанилүү байланыштарды түзүүгө, инвестиция тартууга, стратегиялык өнөктөштүккө жетишүүгө мүмкүнчүлүк" деди ал.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Кыргызстан 2030-жылга чейин БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү боюнча алдыңкы 30 өлкөнүн катарына кириши, ошондой эле 2030-жылга чейин ИДПнын көлөмүн 30 млрд долларга жеткирүүсү керектигин эске салды.

Төрага Акылбек Жапаров өз сөзүндө Президенттин Администрациясынын кызматкерлеринен максималдуу берилгендик, чыгармачылык мамиле жана жогорку натыйжаларга жетүү үчүн дайыма умтулуу талап кылынарын белгиледи.

"Бизди алдыда көп иштер күтүп турат, бирок биздин команда Президенттин жетекчилиги алдында алдыга койгон максаттарга жетип, Кыргызстанды жаңы деңгээлге чыгарарына ишенем. Биз ар бир кадамыбыз, ар бир чечимибиз менен жарандарыбыздын бакубаттуулугун жогорулатууга, өлкөнүн дүйнөлүк аренадагы позициясын бекемдөөгө багытталгандай иштейли. Кыргызстандын чоң мүмкүнчүлүктөрү бар, келечеги кең өлкө экенин бүт дүйнөгө көрсөтүүбүз керек. Аракет кылуу мезгили келди!" деп сөзүн жыйынтыктады Акылбек Жапаров.



**Даярдаган**
**Бахпурбек АЛЕНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

## Мамлекеттин карамагына кайтарылды

Раззаков шаарындагы С.Сыдыков атындагы борбордук парктын аймагындагы жалпы аянты 0,053 гектар жер тилкесин мыйзамсыз жеке менчикке өткөрүп берүү фактысы аныкталып, тергөөнүн негизинде мыйзамсыз жеке менчикке алынган жер тилкесинин ээси жалпы баасы 54 млн 859 миң сомду түзгөн жер тилкесин Раззаков мэриясынын карамагына өз ыктыяры менен кайтарып бергенин Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинен билдиришти. Учурда бул жерде мейманкана бизнеси жайгашкан, ошондой эле мектепке чейинки жеке менчик мекеме иштейт.

## Автоунааны камсыздандыруу керек




Кыргызстанда автоунааларды кайра каттоо учурунда милдеттүү түрдө камсыздандыруу (ОСАГО) тууралуу токтомду Министрлер Кабинети кабыл алды. Ага ылайык, унааны кайра каттоодо анын милдеттүү түрдө камсыздандыруудан өткөнү тууралуу документ – ОСАГО полиси болушу абзел. Мамлекеттик каржылык көзөмөл мекемесинин маалыматына караганда, автоунааларды камсыздандыруу полисинин баштапкы баасы 1680 сом. Төлөм машиненин түрүнө, айдоочунун жашы менен тажрыйбасына жана ал жол кырсыктарына канчалык көп учураганына жараша өзгөрүлөт.

**Зулпукаар САПАНОВ**

---

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫ М.А. АБДАЛИЕВДИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

«Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Мейкинбек Акимович Абдалиевдин ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча келип түшкөн жеке арызынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 65-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 2-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** «Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Мейкинбек Акимович Абдалиевдин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулсун.
**2**. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Мейкинбек Акимович Абдалиевдин күбөлүгү анык эмес деп табылсын.
**3**. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.
**4**. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберилсин.
**5**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 19-августу, №98***

---

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫНЫН БОШ КАЛГАН МАНДАТЫН ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттык мандаты бош калгандыгына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 21-беренесинин 11-бөлүгүнө, 65-беренесинин 3, 4-1 бөлүктөрүнө, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Эгембердиев Арсланбек Абдыкайымович «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын талапкерлеринин тизмесинен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайланган депутаты деп таанылсын.
**2**. Эгембердиев Арсланбек Абдыкайымович Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп катталсын.
**3.** Эгембердиев Арсланбек Абдыкайымовичке белгиленген үлгүдөгү күбөлүк жана төш белги берилсин.
**4**. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.
**5.** Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберилсин.
**6**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 19-августу, №99***

---

ЭЛ ӨКҮЛҮ ЭМНЕ ДЕЙТ?
www.erkin-too.kg

**Жогорку Кеңештин депутаты, милициянын генерал-майору Сүйүн ӨМҮРЗАКОВ:**

# “МАМЛЕКЕТ СПОРТКО БОЛГОН КОЛДООСУН ЭҢ ЖОГОРКУ ДЕҢГЭЭЛДЕ КӨРСӨТТҮ”

***Ушул күндөрү өлкөбүздүн түштүк аймактарында эл менен жолугушуу өткөрүп, карапайым шайлоочуларынын көйгөйлөрүн жеринде көрүп жүргөн Сүйүн Абдылдаевич менен байланышып, айрым соболдорубузга жооп алдык. Милициянын генерал-майору укук коргоо органдарынын ардагерлери боюнча да суроолорубуздан кыйгап өтпөй, бардыгына ирети менен жооп узатты.***



**- Сүйүн Абдылдаевич, учурда эл өкүлү катары аймактардагы шайлоочуларыңыз менен жолугуп жүргөн экенсиз. Айтыңызчы, карапайым элибиз эл өкүлү менен кандай көйгөйлөрүн талкуулап жатышат?**

- Учурда мен да Жогорку Кеңештин башка депутаттарынын катарында аймактардагы шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүп жүрөм. Жолугушууларда мурдагы көтөрүлгөн көйгөйлөрдүн көпчүлүгү четинен чечилип жаткандыгын байкадым. Бул жагы албетте, кубандырбай койбойт. Андан башка, жайкы жаратылыш кырсыктарынан жабыркаган аймактарда эл менен мамлекеттик органдар тарабынан тыгыз, өз убагында табигый кырсыктын кесепеттерин жоюу боюнча иштер жүргүзүлүп жаткандыгы байкалууда. Жогорку бийлик тарабынан көрсөтүлүп жаткан жардам, камкордук үчүн жана мамлекеттик органдардын жетекчилеринин жабыркаган аймактагы элден убагында кабар алып, тиешелүү көрсөтмөлөрдү берип, көзөмөлгө алгандыктары үчүн карапайым элибиз терең ыраазычылык билдиришүүдө. Мындан тышкары албетте, аймактарда тиешелүү көйгөйлөр көтөрүлүп, эл менен бирге жеринде талкуулап жатабыз. Анын бардыгын жакынкы күндөрү Парламенттин трибунасынан да айтып, тиешелүү органдарга жолдойбуз. Тийиштүү маселелерге көзөмөл кылабыз.

**- Кыргыздын “Той болот, тойдун эртеси да болот” деген жакшы кеби бар. Жакында болуп өткөн XXXIII – Париж олимпиадасы, ага катышкан спортсмендерибиздин ийгиликтери, аларга болгон биздин бийликтин мамилеси боюнча эмне айта аласыз? Бул жааттагы жалпы көрүнүштөр “спорт десе ичкен ашын жерге койгон” сиздей инсандын купулуна толдубу?**

- Франциянын Париж шаарында болуп өткөн жайкы олимпиада оюндарында биздин спортчуларыбыз эң жогорку жетишкендиктерге жетише алды. Бул жалпы элибиздин сыймыгы жана ийгилиги. Бул жагын адилеттүүлүк үчүн айтып коюш керек. Буюрса келечекте бир эмес, бир нече алтын медаль утканга мүмкүнчүлүгүбүз бар экендигине бул жолку оюндардан улам бекем ишенич пайда болду. Ал эми биздин жеңүүчү спортчуларыбызды элибиздин баатырлары катарында Президентибиз Садыр Жапаров өзү баштап тосуп алып, акчалай белектерди жана ар бирине жаңы автоунаа тапшырганынан эле бүгүнкү бийликтин спортту колдоого жана өнүктүрүүгө болгон мамилесин түшүнсөк болот. Мамлекет тарабынан спортчуларыбызга көрсөткөн сый-урматы, колдоосу өлкөбүздүн миңдеген жаштарын сергек жашоого үгүттөө менен алардын спортко болгон кызыгуусуна чоң түрткү болот. Мындай колдоо мамлекеттин спортко болгон мамилесинин эң жогорку деңгээлде экендигин айгинелейт. Келечекте кийинки муундардын ичинен да олимпиаданын жеңүүчүсү болгон спортчулар чыгат деп ишенебиз. Чоң спорттогу азыркыдай жүрүштөрүбүз менен буюрса ийгиликтерибиз алдыда. Ишеним кадимкидей көкүрөккө орноду десек болот.

**- Спорт демекчи, Ош шаарындагы “Мухаммед Умар” спорт клубу менен андагы машыккан спортсмендерге дагы да жардам-көмөгүңүздү көрсөтүп турасызбы? Ал жерде машыккан спортчуларыбыздын дүйнөлүк деңгээлдеги оюндарга катышуусуна эмне тоскоолдук болууда?**

- Мен ар дайым спортчуларды моралдык да, материалдык да жактан колдоп келгенмин жана мындан ары да колдоймун. Ош шаарындагы “Мухаммед Умар” спорт клубу өз убагында жаштарды спортко, туура жолго тарбиялоо менен элге жардам берүү максатында уюштурулган. Уюшкан кылмыштуулук, талап-тоноо күч алып турган мезгилде жаштардын уюшкан кылмыштуу топторго кирип кетүүсүнө, башка кылмыштарга баруусуна бөгөт коюп, туура жолго салып, спортко тарбиялап, ата-энесине жардам берүүсүнө үгүттөп, жалпы элге, мамлекетке жардам берип, пайда алып келүү ниетинде ушул спорт клубун ачканбыз. Кудайга шүгүр айтам, андан бери бир канча жаштарыбыз туура жолго тарбияланып чыгышты жана тарбияланып жатышат. Алардын ичинде мыкты, таланттуу спортчулар да бар. Алардын бири дзюдо боюнча Азиянын чемпиону, спортчу Кубанычбек Айбек уулу кечээки эле Париждеги олимпиадага катышып, өзүнүн ийгилигин көрсөтө алды. Буйрук экен, бирок медалга жетпей калды. Кубанычбек жаш, келечеги, ийгиликтери алдыда. Кийинки олимпиада оюндарында Кудай буюрса, сөзсүз байгелүү орундарга жетишет деп терең ишенем. Буюрса, Жараткандын колдоосу менен келечекте биздин спортчуларыбыз менен бирге эң жакшы ийгиликтерге жетебиз деген ниетибиз бар жана ал үчүн болгон аракетибизди жасайбыз.

**- Президент Садыр Жапаровдун тапшырмасы менен өлкө аймагы боюнча бийлик өкүлдөрү эл менен жолугушууларды өткөрүшүүдө. Жергиликтүү эл менен болгон жыйындарда бир байкаганым, укук коргоо органдарында иштеп кеткен ардагерлердин пенсиясы соңку убакта көтөрүлбөй жатканын сынга алышууда. Ардагер милиционер катары сиз деле бул маселеге кабатырлансаңыз керек...**

- Президентибиз Садыр Жапаровдун тапшырмасы боюнча бийлик өкүлдөрү менен жергиликтүү элдин жолугушуу өткөрүү практикасы туура жана натыйжалуу болот. Себеби, көйгөйлүү маселелерди элдин өз оозунан угуп, жеринде чечим кабыл алууга жакшы мүмкүнчүлүк болууда. Президенттин бул саясатын толугу менен колдоймун. Ооба, андай жолугушуулардын биринде укук коргоо органынын ардагери соңку убактагы пенсиясынын көтөрүлбөй жаткандыгы боюнча маселе көтөргөн. Бул маселени мен дагы Жогорку Кеңеште бир нече ирет көтөрүп, Министрлер Кабинетине тийиштүү суроо-талаптар жөнөтүлгөн. Учурда Министрлер Кабинети тарабынан бул маселени чечүү боюнча бардык аракеттер көрүлүп жатат. Буюрса жакын арада жакшы жыйынтыгы болот деген үмүттөбүз. Милициянын катарынан чыккан эл өкүлү катары бул маселени мен эч качан көз жаздымда калтырбайм.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ЭЧ КИМ ООРУБАСЫН
www.erkin-too.kg

# ҮМҮТ МЕНЕН ЖАШАГАН БЕЙТАПТАР



**Дарыгерлер кан ооруларынын бир нече түрү бар экендигин, оорунун оор жана акыркы стадияларында сөөк чучугун (костный мозг) алмаштыруу зарылдыгын айтышат. Көп учурда сөөк чучугу ылдамыраак алмаштырылса бейтаптын ден соолугунун жакшырышына өбөлгө түзөт. Беш курс химиотерапиядан өткөн бейтапка жасалуучу бул маанилүү операция ага толук сакайып кетүүгө үмүт берет. Бул ыкма иммунологиялык кагылышууларднн коркунучун азайтат. Мындай оор жана татаал операциялар дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндө жасалып келет. Мисалы Түркия, Индияда трансплантациянын баасы 150-200 миң доллардын тегерегинде болот. Ири каражатты табууга бардыгынын эле чама-чаркы туура келе бербейт. Андыктан бейтап өмүр үчүн күрөшүп химия терапия, кан куйдуруу жолу менен жашоого аргасыз.**

## АЛГАЧКЫ БЕЙТАПТЫН СӨӨК ЧУЧУГУНА ТРАНСПЛАНТАЦИЯ ЖАСАЛАТ

Кыргызстанда сөөк чучугун алмаштыруу, трансплантациялоо башталды. Бул багытта Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун операциялар блогу керектүү медициналык жабдыктар менен жабдылды. Борбордо шишиктин антигендик түзүлүшүн жана лейкоз клеткаларынын түрүн аныктоочу уникалдуу агымдык цитометриялык аппарат иштеп жатат. Трансплантацияга даярдыктар 6 айдан ашуун убакытта жүрдү. Бул иштерди аткарууну өлкөдө кан оорусу менен ооруган бейтаптарга жакындан жардам берүү, жашоолоруна жаңы үмүт жандыруу максатында Мамлекет колго алган. Ушул жылдын башында Мамлекет башчысы Садыр Жапаров керектүү акчаны бөлүп, кыргыз дарыгерлери татаал операцияларды жасаарына ишеним артып, бул багытта даярдыкты баштоону Саламаттык сактоо министрлигине табыштаган. Жыл айланбай өзүбүздө алгачкы бейтаптын трансплантациясы ишке ашканы турат. Ал Ош облусунан келген Ходжкин лимфомасы менен ооруган 14 жаштагы бейтап. Ал сөөк чучугунун аутологиялык трансплантациясына дарыгерлердин текшерүүсүнөн өтүп жатат. Учурда Эне жана баланы коргоо улуттук борборунда дагы эки бейтап химиотерапия курстарын аяктагандан кийин сөөк чучугун алмаштырууга даярдалат.

## КӨП УБАКЫТ КҮТТҮК

Жумабаек кызы Зейнеп кан оорусу менен алышып келатканына 5 жылдан ашып баратат. Гемотологдор айткан бардык эрежени сактайт, ошентсе да айына 3 жолу, кээде жумасына 2 жолу кан куйдурууга аргасыз. Кан куйдургандан соң башы айланбай, тамакка табити келип калат. Ал сөөк чучугу алмаштырууну зарыгып күткөнүн жашырбайт.

**Бейтап ЖУМАБЕК кызы Зейнеп:**
- Эл катары Москвада иштечүмүн. Бир күнү сасык тумоо сыяктуу ооруп, башым айланып дарыгерге кайрылгам. Дароо канга анализ алышып, менден кандын рагын аныкташты. Угуп ишенген жокмун, Бишкекке жолго чыктым. Ооруканага жатып, сакайып кетем дедим. Дарылоо башталды, ушул убакытка созулуп дарт менен жашаганыма 5 жылдан ашты. 6 ай сайын кымбат дарыларды чет өлкөдөн алдырам, кан куюлат. Убактылуу жакшы болом, кайра ооруйм. Дарыгерлер сөөк чучугумду алмаштырууну айтышкан. Чет өлкөдөн дарыланайын десем каражат жетишсиз. Бизде трансплантация жасалаарын угуп мен сыяктуу канча бейтап сүйүндү. Мен дагы кезекке турдум, үмүт артып, оорудан толук жакшы болоорума ишенем. Ооруканага күн алыс каттайм, кээде тажайм, бирок өзүмдү колго алам. Мени менен чогуу жаткан палатада кары, жаш да бейтаптар бар. Баарыбыздын оорубуз окшош эле. Кээ бири дарылануудан жакшы болот, оорудан көз жумгандары да болду. Шарты барлар чет өлкөдө дарыланганы кетишет. Азыр үмүт артып, өйгиликтүү трансплантациядан өтсөк деген тилек менен жашап жатабыз.

**Саламаттык сактоо министри Алымкадыр БЕЙШЕНАЛИЕВ:**
- Эне жана баланы коргоо улуттук борборунда жилик чучугун аутологиялык трансплантациялоонун башталышы рак илдети менен ооруган балдарды дарылоо үчүн жаңы горизонтторду ачат. Биз бул алдыңкы технологияларды ишке киргизүү кичинекей бейтаптарыбыздын сакайып кетүү мүмкүнчүлүгүн бир топ жогорулатат жана жашоо сапатын жакшыртат деп ишенебиз. Дарыгерлер менен лаборанттар Түркияда окутуудан өтүп келишти.





**Эне жана жана баланы коргоо улуттук борборунун онкогемотологу Султан СТАМБЕКОВ:**
- Келечекте жилик чучугун аллогендик алмаштыруу мүмкүнчүлүгү бар. Кыргызстанда балдардын онкологиялык ооруларын аныктоо жана каржылоо жыл сайын жакшырып баратат. Бул дарылоонун жаңы ыкмаларын киргизүүгө жана онкологиялык оорулар менен күрөшүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму жыл сайын 19 жашка чейинки 400 миңдей бала жаңа өспүрүм рак оорусуна чалдыгаарын айтат. Кыргызстанда мындай балдар 100 миң баланын 10нун түзөт. Кыргызстанда онкологиялык оорулардын структурасында 40% лейкоз, 12% лимфома жана калганы катуу шишик болуп саналат. Жыл сайын оорунун 180ге жакын жаңы учуру аныкталат. Балдардын оорусунун өсүшү 2-5 жашка жана 12-16 жашка туш келет. Гемотологдор кан оорусунун пайда болуусуна кан аздуулук, туура эмес тамактануу, организмге витаминдердин жетишсиздиги себеп болорун белгилешет.

**Даярдаган Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

# ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН БИР КАТАР АЙМАКТАРЫН СЕЛ ЖУУП КЕТТИ



***Өзгөчө кырдаалдар министрлиги буга чейин 15–19-август аралыгында жаан-чачындан улам Кыргызстанда сел жүрүшү, тоолуу жолдордо таш кулашы мүмкүн экенин эскертип, өлкө аймагында катуу жааган жамгыр кайсы өрөөндөрдө күч болоорлугу боюнча коңгуроо каккан.***

18-августта кечки саат 19:30 чамасында нөшөрлөп жааган жамгырдын кесепетинен Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата шаарындагы Тогуз-Булак каналында топтолгон суунун ташып кетүү коркунучу жаралган. Өзгөчө кырдаалдар министрлиги аталган аймактагы абалды адистер көзөмөлдөп, кырдаал турукташканын билдирди. Ушул эле 18-август күнү саат 15:30 чамасында жааган жаандан кийин Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айылындагы Чоң-Кызыл-Суу дарыясынын деңгээли көтөрүлгөн. Бир кашардын короосун суу каптаган. Саруу айылындагы Чийдүү-Колот коктусунан келген сел Жууку жолун каптап, кум-шагыл толуп калган. Кийинчерээк тазаланганы кабарланды.

18-августта Жети-Өгүз, Ак-Суу, Ысык-Көл, Тоң жана Түп райондорундагы айыл-кыштактарда катуу нөшөрлүү жаан жаап, бир нече жерлерде сел жүрдү. Турак жайларды суу каптап, бир катар ички жолдор жабылган. Жергиликтүү тургундардын маалымдашынча дарыялардын, арыктардын ташып кетүү коркунучу жаралган. Бүтүндөй Ысык-Көл облусундагы селден улам Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин райондук жана облустук башкармалыктары күчөтүлгөн тартипте иштөөгө өткөнүн министрликтен билдиришти.

## ТОЙДОН КИЙИН ТООРУГАН КЫРСЫК

18-август күнү Ысык-Көл районундагы атактуу Кырчын жайлоосунда айтылуу Саяк уурусунан чыккан Бөлөкбай Атанын кийинки муундагы Калматай урпактары тарабынан ынтымак тою белгиленип, Темир айылынын көпчүлүк тургундары чоң иш-чарада болушат. Кечке маал эл жайлоодон кайта баштаганда Темир айылында майдалап жаап баштаган жамгыр 20:00дөн өткөндө катуулап, таңга жуук барып басаңдай баштаган. Тоо тараптан өйдөдөн ылдыйды карай кыяндап агылган суу акыры селге айланып, Темир айылынын бир катар көчөлөрүнүн алды кадимки чоң каналга, арты бир кулак суу батқандай арыкка айланган. Түнү бою элдин эси-көөнүн учурган табият кырсыгынан кийин Темир жана ага коңшу жайгашкан Булан-Сөгөттү, Корумду айылдарында болжол менен 400гө жакын (эң көп жабыр тарткaны Темир айылында) турак үйлөрдүн короо жайларын суу каптаган. Учурда кырсык болгон жерде куткаруучулар иштөөдө.

## ОБЛУСТАГЫ 3 РАЙОНГО ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР РЕЖИМИ ЖАРЫЯЛАНДЫ

Облустагы 5 райондун ичинен Ысык-Көл, Жети-Өгүз, Тоң райондорунда өзгөчө кырдаалдар режими жарыяланды. Быйыл бүтүндөй Ысык-Көл облусунун дыйкандары өстүргөн өрүктүн баасы өтө арзан баалanып, өтпөй турганда табият кырсыгы ансыз да жергиликтүү элди түйшүккө салды. Табият кырсыгы жүз берип жаткан учурларды жергиликтүү тургундар фото-видеолорго тартып алышкан. Алар маалымат каражаттарында толук жарыяланбаганы менен чөнтөк телефондордогу вотсап группаларда жарыяланып, айрым кадрлар көргөн элдин үшүн алууда. Темир айылындагы түнү менен сабалаган селдин жаалын уккан облустук билиттин башчысы Уланбек Далиев менен Ысык-Көл районунун акими Жапарбек Ормонов таң сүрө аталган айылга жетип келишкен. Кырдаалды жеринде көрүшкөн эки жетекчи резина өтүктөрдү кийип алып жергиликтүү эл менен абалды талкуулап, кырсыктын кесепеттерин жоюу үчүн ыкчам аракеттерди көрүү жана кечиктирилгис иш-чараларды уюштуруу маселелерин карап, колдоо көрсөтөөрдөрү айыл тургундарына дем болду. Ушул тапта кырсык болгон аймактарда райондук жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринен тышкары жарандык коргонуу кызматынын күч каражаттары жана Каракол шаарынан беш куткаруучу тартылганы, буга удаа авариялык куткаруу унаасы мотопомпа менен иштеп жатканын Өзгөчө кырдаалдар мекемесинен билдиришти.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

БИР КЫЛЫМДЫК ЖОЛ

www.erkin-too.kg

## Кыргызстандагы азык-түлүктүн баасы арзан

Кыргызстанда азык-түлүктүн баасы Россия жана Казакстанга салыштырмалуу төмөн. Мындай маалымат Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин жүргүзгөн мониторингинде көрсөтүлдү. Азык-түлүккө болгон баалардын салыштырмалуу мониторингинин жыйынтыгы боюнча, Кыргызстандын салыштырууга алынган шаарларынын азык-түлүккө болгон баасы коңшу Казакстандын базар бааларынан 14,8%га, ал эми Россиядан 15,2%га төмөн экендиги аныкталды. Эске салсак, өткөн аптада салыштырууга алынган шаарларда азык-түлүккө болгон баа 0,02%га төмөндөсө, коңшу Казакстандын базар баалары 0,01%га, ал эми Россияда 1,02%га жогорулагандыгы байкалган.

## Болочоктогу 80 офицер чет өлкөдөн билим алат

КР Куралдуу күчтөрүнүн Аскер институтунда чет мамлекеттик жогорку аскердик окуу жайларга тапшырган курсанттардын аскердик ант берүү салтанаттуу иш-чарасы өттү. Коргоо министрлигинен билдиришкендей, анда 80ден ашуун курсант Коргоо министрлигинин жетекчилигинин, жакын туугандарынын жана досторунун катышуусунда Аскердик ант беришти. Министрликтин аскердик билим берүү жана илим башкармалыгынын башчысы Канагат Уразбеков жана курсанттардын ата-энелери курсанттарга чын жүрөктөн куттуктоо жана жылуу сөздөрү менен кайрылып, аскердик илимди өздөштүрүүдө ийгиликтерди жана туруктуулукту каалап кетишти. Курсанттар Азербайжан, Казакстан, Кытай, Россия, Түркия жана Өзбекстандын жогорку аскердик окуу жайларында билим алышмакчы.

## Кайтарымсыз каражат берилди

Ош шаарындагы Алымбек датка этно борборунда "үй-бүлөгө көмөк" жөлөк пулун алуучулары колдоо максатында түзүлгөн "социалдык келишим" долбоорунун алкагында социалдык жактан аялуу 95 үй-бүлөгө ишкердикти баштоо үчүн кайтарымсыз 100 миң сомдук сертификаттар тапшырылды. Муниципалитеттен билдиришкендей, сертификаттарды тапшырууга Ош шаарынын мэринин орун басары Нурбек Кадыров, Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министри Жылдыз Полотова катышты. Иш-чаранын алкагында 2022-2023-жылдарга карата социалдык келишимдин негизинде жардам алган ишкерлердин продукцияларынын жарманкеси уюштурулду.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

# КЫРГЫЗ ТЕМИР ЖОЛУ ӨНҮГҮҮНҮН ҮСТҮНДӨ

Быйыл "Кыргыз темир жолунун" түзүлгөнүнө туура 100 жыл толот. 1924-жылы 8-августта азыркы Бишкек-1 бекетине алгачкы поезд каттамы келип, Союз маалында үзүрлүү иштеп берди. Учурда мамлекет жаңы дем байлап, кылым курулушу аталган долбоорлорду ишке ашыра баштады. Бир кылымдык жолду баскан темир жол тармагында бүгүн чоң өзгөрүүлөр болуп, стратегиялык чоң маанидеги иштер старт алды. Учурда "Балыкчы – Кочкор – Кара-Кече" темир жолунун курулушу кызуу жүрүп, "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жолунун курулушу башталганы турат.



Август айынын башында «Кыргыз темир жолунун» 100 жылдыгына арналган салтанаттуу иш-чара болуп, ага Мамлекет башчысы Садыр Жапаров катышты. Президент темир жолчуларды куттуктоо менен кыргыз темир жолунун шакылдап тынбай иштеп келиши, күн санап өнүгүшү талбаган эмгектин жана тер төккөн мээнеттин натыйжасы экенин билдирип, кечээки тарых-таржымалына токтолду.

"Биз Советтер Союзунан 424,6 чакырым темир жолду мурастап калганбыз. Эгемендик жылдарында мамлекет тарабынан 1 метр дагы темир жолу курулган эмес, тескерисинче кемип кеткен, муну өзүңүздөр билесиздер. Мамлекетибиз үчүн темир жол тармагын өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн жана зарылчылыгын түшүнүү менен 2022-жылдан баштап биз Кыргыз Республикасынын улуттук экономикасын өнүктүрүү үчүн зор стратегиялык мааниге ээ амбициялуу долбоорлорду ишке ашырууга кириштик" - деди Президент.

Мамлекет башчысынын сөзүндө калет жок, 30 жылдан ашык убакыт темир жол жаатында бир да иш аткарылбады. Жеке кызыкчылыгын көздөгөн жетекчилер өлкөдөгү башка тармактар сыяктуу темир жолду жемкорлуктун сазына батырып, талталкандын чыгарышты. Үйрөнгөн адат менен 2020-жылдагы бийлик алмашуудан кийин да темир жолдогу "карышкырлар" жемкорлукту улантууга аракет кылышканына күбө болдук. Өзүн жарандык активист катары көрсөткөн Мелис Аспеков 250 миң доллар талап кылса, "Кыргыз темир жолу" мамлекеттик ишканасынын жетекчиси дароо кармата койгону буга далил.

Бирок, Садыр Жапаров башында турган бийлик алкымы бузуктардын тузагына илинген жок. Темир жолдогу эле эмес, мамлекетти чырмооктой каптаган бардык тармактагы жемкорлук менен аёосуз күрөштү баштап, бүгүнкү күнгө чейин кертип жатат. Бул иште УКМК Төрагасы Камчыбек Ташиев кашкөйлүгүн көрсөтүп, 30 жылдан берки коррупциялык системанын тамырын кыркууда. Бул иштерди жалпы эл колдоого тийиш, аткарылып жаткан иштерге жардамдашкага милдеттүүбүз.

Баарыбыз көрүп турабыз, эгемендик тарыхында биринчи жолу темир жолдун курулушу жүрүп жатат. Садыр Жапаров 2022-жылдын март айында "Балыкчы – Кочкор – Кара-Кече" долбоорунун биринчи этабы болгон "Балыкчы – Кочкор" темир жол тилкесин куруу иштерине старт берген эле, быйылкы жылдын аягына чейин 40 чакырымы бүткөнү турат. Ошондо Кочкорго чейин 23 гана чакырым калат. Бул чоң жетишкендик десек жаңылышпайбыз. Кечээ иш башталганда "бөйрөктөн шыйрак чыгарып" сын айткандар бүгүн жер карап турганы эч кимге жашыруун эмес.

Аталган "Балыкчы – Кочкор – Кара-Кече" долбоору өлкөнүн инфраструктурасын гана бекемдебестен, жакынкы жылдарда Макмал аймагындагы жүктөөчү бекет аркылуу "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жол долбоору менен байланышып, өлкө ичинде бирдиктүү темир жол тармагын түзүүдө негизги ролду ойной баштайт. Бул байланышты гана чыңдабастан, мамлекеттин экономикасы үчүн чоң пайда келтирет. Карым-катышыбыз артып, түндүк-түштүккө ташылган ири жүктөр темир жол менен кетсе, унаа жолдогу кырсыктар азаят. Жолдор тешилбей, иштөө мөөнөтү узарат.

Министрлер Кабинети "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жолунун курулушун быйыл октябрь айынын аягында баштоо пландалып жатканын билдирди. Алгачкы поезд каттамы курулгандан туура 100 жылдан кийинки бул ири долбоордун курулушунун башталышын тарыхый окуя катары баалоого болот. Муну менен кыргыз темир жол тармагы өнүгүүнүн бардык этаптарын басып өтүп, өлкөнүн шаарлары менен райондорун байланыштырган жөн эле транспорт болуп калбастан, бүгүнкү күндө ири долбоорлорду ишке ашыруунун алдында турат.

Президент Садыр Жапаров "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жол долбоорун биргелешип илгерилетүү боюнча мыйзамга 27-июнда кол койгон. Ага ылайык, Темир жол "Кашкар – Торугарт – Макмал – Жалал-Абад – Анжиян" багытында түшөт. Анын узундугу жалпы 480 чакырымды түзсө, 311,75 чакырымы Кыргызстандын аймагынан өтөт. Кыргыз жергесинде 18 бекет, 81 көпүрө, 41 тоннел курулат. Макмалга чейинки жана андан кийинки колея эки башка өлчөмдө курулуп, жүктү кайра жүктөөчү станция салынат. Долбоордун баасы 4 млрд 700 млн доллар деп бааланды. Каражаттын 51%ын Кытай, ал эми Кыргызстан менен Өзбекстан 24,5%дан чыгарат. Маалымат боюнча Кытай 4 млрд 700 млн доллардын жарымын – 2 млрд 350 млн долларды үч өлкө түзгөн Биргелешкен долбоорлоочу компанияга насыя катары берет. Калган 2 млрд 350 млн долларды үч мамлекет чыгарат.

Бир кылымдык жолду баскан кыргыз темир жолунун тарыхына көз чаптырсак, 1924-жылы курулушу аяктаганына, бир бутактан тараган «Кыргыз темир жолу» ишканасынын карамагындагы азыркы 424,6 чакырым темир жол республиканын транспорт системасында негизги ролду ойноп келе жатканына күбө болобуз. Узундугу 323,4 чакырым болгон темир жолдун түндүк бөлүгү Балыкчы шаарын Казакстандагы Түрксиб темир жолу менен байланыштырып, Россия жана шериктештиктин башка өлкөлөрүнө жүк ташуудагы маанилүү транзиттик коридор болуп кызмат аткарып келе жатат. Ал эми узундугу 101,2 чакырымды түзгөн түштүк аймактары тилке Кыргызстандан Өзбекстандын темир жол тармагына чыгууну камсыз кылганын айта кетишибиз керек.

Жыл сайын "Кыргыз темир жолу" 300 миңден ашык жүргүнчүнү, ошондой эле дүйнөнүн 35тен ашык өлкөсүнө жүктөрдү ташып жатат. Учурда жүк ташуу тармагындагы жетишкендик болуп, Кытайдан Европа өлкөлөрүнө жүктөрдү жеткирүү мөөнөтүн олуттуу кыскартууга мүмкүндүк берген 3 мультимодалдык коридор ачылганы турат. Жүргүнчүлөрдү ташуу багытында Президенттин тиешелүү Жарлыгы менен 2022-жылдан баштап "Бишкек – Балыкчы" каттамында жакшыртылган "VIP" жана "Lux" категориясындагы вагондор пайдаланууга берилди. Бул вагондордун ишке киргизилиши жүргүнчүлөрдү ташуудагы жылдык кирешени 2 эсеге көбөйттү.

**Экономика илимдеринин доктору, профессор Төлөнбек АБДЫРОВ:**

- Негизи дүйнө жүзүндөгү жүктү ташуунун эң арзан жолу деңиз аркылуу, андан кийин экинчи темир жол, үчүнчүсү унаа жолдору, төртүнчү эң кымбат жол аба жолдору болуп саналгандыктан, темир жолду колдонууда Кыргызстан үчүн жакшы шарт түзүлөт. Кыргызстандын деңизге чыга турган жолу жок, негизи ааламдашуу процессиндеги ири товарлардын жүрүшүнө эч бир жагынан кошула албаганыбыз өкүнүчтүү болчу, туңгуюкка кирип калган мамлекеттей болуп келдик. Эгерде бүгүнкү күндө пландалган долбоорлорду ишке ашырып, темир жолдор курулса Европа жана Чыгыш мамлекеттерин көздөй эки тарапта жүрө турган мүмкүнчүлүк түзүлөт. Темир жол куруу боюнча сунуштар 30 жылдын тегерегинде Кытай, Өзбекстан өлкөлөрүнө сунуштап келгени менен ишке ашпай келген. Бийликке жаңы жетекчилер келип, алардын темир жол боюнча көз караштары жакшы болгондуктан чоң долбоор катары 2-3 жылдын ичинде көтөрүлө башташы жакшы көрүнүш.

**Укук коргоочу Качкын БУЛАТОВ:**

- Темир жол тармагында абдан жакшы өзгөрүүлөр болуп жатат. "Балыкчы – Кочкор – Кара-Кече" темир жолунун быйыл 40 чакырымы бүткөрүлөрүн угуп, абдан сүйүндүм. Курулушу башталганда мурдагыдай көрүп токтоп калат деп эч ким ишенген эмес, мына "кыбыраган кыр ашат" демекчи, акырындан жылып отуруп үч жылда 40 чакырым куруптур. Мурдагы жетекчилер ушундай ишти жасаганда өлкөнүн түндүк менен түштүгүн байланыштырган темир жол алда качан эле курулуп калмак. Билебиз, алардын баары оозу менен орок оруп, элдин байлыгын тоноо менен алек болушту. "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жолунун курулушу да өзгөчө иш. Муну да мурдагы жетекчилер алдыга жылдыра албады. Бул жөн эле катардагы салынып жаткан жол эмес. Бул жерде чоң саясат жана өнүгүү жатат. Биздин өлкө туңгуюктан чыгып, дүйнөгө жолу ачылат. Батыш менен чыгышты байланыштырган жол менен Кыргыз мамлекетинин ролу өсөт. Дүйнөлүк саясаттагы таасири кеңейип, улуу державалар менен эсептешкенге мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК РЕФОРМАНЫН АЛКАГЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 20-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин I бөлүгүнө (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1996-ж., №6, 80-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 5-главанын 4-параграфынын аталышы «Мамлекеттик» деген сөздөн кийин «жана муниципалдык» деген сөздөр менен толукталсын;

2) 158-статьяда:

а) статьянын аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «158-статья. Чарба жүргүзүү укугуна негизденген мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар»;

б) 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Чарба жүргүзүү укугуна негизденген ишкана катары мүлкү жана пайдасы мамлекеттин же жергиликтүү коомчулуктун менчиги болуп саналган жана ишкердик иштти жүзөгө ашыруу үчүн бул ишканага бекитип берилген юридикалык жак таанылат.»;

в) 2-пункт «мамлекеттик» деген сөздөн кийин «же муниципалдык» деген сөздөр менен толукталсын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №9, 440-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) бүткүл текст боюнча түрдүү жөндөмөлөрдөгү «Өкмөт» деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 13-статьянын 1-пунктунун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча иштерди уюштуруу, ошондой эле жайыттарды мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү жана аларды пайдалануу тартибин белгилөө;»;

3) 14-статьянын биринчи бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Жер мамилелерин жөнгө салууда шаарлардын мэрияларынын карамагына тиешелүүлүгүнө жараша төмөнкүлөр кирет:

1) жер участогун менчикке жана пайдаланууга берүү;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталуучу жер мунапысынын объекттерине менчик укугун бекитүү жөнүндө чечим кабыл алуу;

3) жер мунапысынын объекттеринин тизмегин бекитүү;

4) мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча иштерди уюштуруу, ошондой эле жайыттарды мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү жана аларды шаардын административдик чектеринде пайдалануу тартибин белгилөө;

5) жер жана шаар куруу кадастрын, жерге жайгаштыруу схемаларын жана долбоорлорун бекитүү;

6) шаардык кеңеш менен биргеликте жерлерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча программаларды иштеп чыгуу жана аларды аткаруу, шаар куруу кадастрын иштеп чыгуу жана жүргүзүү;

7) жерлердин пайдаланылышына жана корголушуна контролдук жүргүзүү;

8) долбоорлоо-изилдөө иштерин жүргүзүүгө уруксат берүү;

9) баалуулугу төмөн айыл чарба жерлерин жерлердин кыйла баалуу түрлөрүнө, айыл чарба жерлеринин баалуулугу теңдеш түрлөрүн бир түрдөн экинчи түргө которуу;

10) жайыттарды, чабындыларды, айыл чарбалык эмес жерлердин түрлөрүн ушул Кодекстин 20-статьясынын 12-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди которуудан тышкары, айыл чарба багытындагы жерлердин категориясынан жерлердин башка түрлөрүнө же башка категорияларына которуу;

11) көрүстөндөргө, таштанды полигондоруна, ичүүчү суу менен жабдуунун, саркынды сууларды чыгаруунун, тазалоочу курулмалардын, саламаттык сактоонун, мектептердин жана мектепке чейинки балдар мекемелеринин, маданият жана искусство чөйрөсүнүн объекттерине бөлүнгөн жерлердин бардык категорияларын жана жерлердин түрлөрүн жерлердин башка категорияларына которуу;

12) запастагы жерлерди айыл чарба багытындагы жерлердин категориясына которуу;

13) жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө ушул Кодексте каралган башка маселелерди чечүү.»;

4) 16-статьянын биринчи бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Жер мамилелерин жөнгө салууда Бишкек шаарынын жана Ош шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун шаар жерлериндеги карамагына төмөнкүлөр кирет:

1) шаардын чектериндеги жер участогун шаардын башкы планына, шаарды деталдуу пландоонун жана куруунун долбооруна ылайык менчикке жана пайдаланууга берүү;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталуучу жер мунапысынын объекттерине менчик укугун бекитүү жөнүндө чечим кабыл алуу;

3) жер мунапысынын объекттеринин тизмегин бекитүү;

4) мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча иштерди уюштуруу, ошондой эле жайыттарды мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү жана аларды шаардын административдик чектеринде пайдалануу тартибин белгилөө;

5) жер жана шаар куруу кадастрын, жерге жайгаштыруунун схемаларын жана долбоорлорун бекитүү;

6) Бишкек шаардык жана Ош шаардык кеңештери менен биргеликте жерлерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча программаларды иштеп чыгуу жана аларды ишке ашыруу;

7) жерлердин пайдаланылышына жана корголушуна контролдук жүргүзүү;

8) долбоорлоо-изилдөө иштерин жүргүзүүгө уруксат берүү;

9) баалуулугу төмөн айыл чарба жерлерин жерлердин кыйла баалуу түрлөрүнө, айыл чарба жерлеринин баалуулугу теңдеш түрлөрүн бир түрдөн экинчи түргө которуу;

10) жайыттарды, чабындыларды, айыл чарбалык эмес жерлердин түрлөрүн ушул Кодекстин 20-статьясынын 12-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди которуудан тышкары, айыл чарба багытындагы жерлердин категориясынан жерлердин башка түрлөрүнө же башка категорияларына которуу;

11) көрүстөндөргө, таштанды полигондоруна, ичүүчү суу менен жабдуунун, саркынды сууларды чыгаруунун, тазалоочу курулмалардын, саламаттык сактоонун, мектептердин жана мектепке чейинки балдар мекемелеринин, маданият жана искусство чөйрөсүнүн объекттерине бөлүнгөн жерлердин бардык категорияларын жана жерлердин түрлөрүн жерлердин башка категорияларына которуу;

12) запастагы жерлерди айыл чарба багытындагы жерлердин категориясына которуу;

13) жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө ушул Кодексте каралган башка маселелерди чечүү.».

**3-берене**

Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2013-жылдын 26-июлу, №62) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) бүткүл текст боюнча түрдүү жөндөмөлөрдөгү «Өкмөт» деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 73-берененин 1-бөлүгүнүн 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) товарды эсепке алуу приборлору болбогон учурда, акынын өлчөмү Министрлер Кабинети белгилеген тартипте ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бекитилүүчү керектөө ченемдери жана топтоо нормалары менен аныкталат;».

**4-берене**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., №5, 398-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 24-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан жергиликтүү бюджеттердин резервдик фонддорун пайдалануу тартибин аныктоо, пайдалануунун багыттары жана көлөмдөрү жөнүндө чечим кабыл алуу ушул Кодекстин жоболоруна ылайык жүзөгө ашырылат.»;

2) 51-берененин 1-бөлүгүнүн 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) билим берүү, саламаттык сактоо, эс алуу, маданият, социалдык коргоо мекемелерин, турак жай жана коммуналдык чарба, айлана-чөйрөнү коргоо, коргоо объекттерин күтүүгө, аксакалдар сотторунун ишин камсыз кылууга, муниципалдык ишканаларды субсидиялоого;».

**5-берене**

«Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №4, 193-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) бүткүл текст боюнча түрдүү жөндөмөлөрдөгү «Өкмөт» деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 1-статьянын 20-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«20. **Каттоо зонасы** – жергиликтүү каттоо органынын зонасы, анын чектери кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат. Ал административдик-аймактык бирдиктин бөлүгүнөн, же болбосо бир, эки же андан көп административдик-аймактык бирдиктерден турушу мүмкүн.»;

3) 8-статьянын 2 жана 3-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Ушул Мыйзамдын 10-статьясына ылайык түзүлгөн жергиликтүү каттоо органдары (мындан ары – каттоо органдары) каттоо зонасында укуктарды мамлекеттик каттоону жүзөгө ашырат. Мында каттоо зонасынын чектери административдик-аймактык бирдиктердин чектери менен дал келбеши мүмкүн.

3. Кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоонун бирдиктүү системасынын органдарынын иши ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү жобого ылайык жүзөгө ашырылат.»;

4) 10-статьяда:

а) 1-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Жергиликтүү каттоо органдары кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте түзүлөт жана жоюлат.»;

б) 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Кыймылсыз мүлккө болгон укук жана кыймылсыз мүлк менен болгон бүтүмдөр жергиликтүү каттоо органында мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш.»;

5) $25^{1}$-статьянын 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Кыймылсыз мүлк бирдиктерин техникалык текшерүү жергиликтүү каттоо органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте жүзөгө ашырылат.»;

6) $47^{2}$-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«$47^{2}$-статья. Милдеттүү нотариалдык күбөлөндүрүүнү талап кылбаган бүтүмдөрдүн негизинде кыймылсыз мүлккө карата пайда болгон укуктарды мамлекеттик каттоо

Милдеттүү нотариалдык күбөлөндүрүүнү талап кылбаган бүтүмдөрдүн негизинде кыймылсыз мүлккө карата пайда болгон укуктарды каттоону жергиликтүү каттоо органы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүзөгө ашырат.».

**6-берене**

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №5, 228-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-статьянын биринчи бөлүгүндө «төрт жылдык» деген сөздөр «беш жылдык» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 3-статьянын биринчи бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы $4^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$4^{1}$) Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде административдик-аймактык түзүлүштүн жалпы түзүмүнүн жана чектеринин өзгөрүшү;»;

3) 8-статьянын 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Депутаттын статусу Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде кайра уюштурууга алып келүүчү административдик-аймактык бирдиктин чектери же административдик-аймактык түзүлүштүн жалпы түзүмү өзгөргөн учурларда өзгөрөт.».

**7-берене**

«Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., №4, 159-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 9-статьяда:

а) статьянын аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «9-статья. Муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестри»;

б) 1-бөлүктүн биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестрин жүргүзөт.»;

в) 2-бөлүктө «Мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестринин» деген сөздөр «Муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестринин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

г) 3-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестрин түзүү жана жүргүзүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.»;

2) 19-статьянын экинчи бөлүгүнүн алтынчы абзацында «муниципалдык менчик объекттеринин реестрин» деген сөздөр «муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестрин» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**8-берене**

«Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., №1, 30-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-беренеде, 14-берененин 1-бөлүгүндө, 16-берененин 1-бөлүгүндө түрдүү жөндөмөлөрдөгү «Өкмөт» деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 3-беренеде:

а) 4-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4. Жайыттардын чектерин белгилөө жергиликтүү мамлекеттик администрация түзгөн комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Комиссиянын курамына ар бир чектеш административдик-аймактык бирдиктин жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын башчылары жана өкүлчүлүктүү органдарынын өкүлдөрү, айлана-чөйрөнү коргоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу органдын, ошондой эле токой чарбасынын өкүлдөрү, кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистери кирет.»;

б) 5 жана 6-бөлүктөрдө түрдүү жөндөмөлөрдөгү «Өкмөт» деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) $5^{1}$-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«$5^{1}$. Өз убагында мамлекеттик актынын негизинде колдонууга өткөрүлүп берилген, мамлекеттик жер запасынын курамына кирген жайыттар, жерлердин чектери тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин карамагында болот.»;

3) 4-беренеде:

а) 2-бөлүктө «жайыт пайдалануучулар бирикмесине» деген сөздөр «муниципалдык ишканаларга» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча орто мөөнөттүү планын бекитет, анын аткарылышы жөнүндө отчетторду угат.»;

в) 4-бөлүктө «жана жайыт пайдалануучулар бирикмесинин» деген сөздөр алып салынсын;

4) 5-беренеде:

а) 3-бөлүктө «ушул Мыйзамдын жоболорунун аткарылышын, ошондой эле» деген сөздөр алып салынсын;

б) 4-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

5) 6-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«6-берене. Жайыт комитети

1. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин аткаруучу органы болуп жайыт комитети эсептелет.

Жайыт комитети жайыт пайдалануучулар бирикмесинин учурдагы ишине жетекчилик кылат.

2. Жайыт комитетин түзүүнүн, ишин уюштуруунун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

6) 7-беренеде:

а) берененин аталышындагы «жамааттын планы» деген сөздөр «план» деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 1-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы Орто мөөнөттүү мезгилге жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планды түзөт. Планда жайыттарды туруктуу пайдаланууну камсыз кылуу жана бардык пайдалануучулардын өз укуктары жана милдеттери жөнүндө кабардар болушу үчүн зарыл болгон бардык негизги маалымат камтылат.

Планды түзүүдө айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын пландары эске алынат.»;

в) 2 жана 3-бөлүктөрдө «жамааттын» деген сөз «жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7) 8-берененин 1-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмү төмөнкүдөй реакцияда баяндалсын: «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы же жайыттарды пайдаланууну уюштуруу ыйгарым укугу берилген муниципалдык ишкана жыл сайын жайыттарды пайдалануунун планын иштеп чыгат, ал жамааттын жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планына тиркелет жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.»;

8) 10-беренеде:

а) 2-бөлүктүн биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Жайыт билеттери жайыт жерлерин пайдалануу үчүн тиешелүү жыйымдар төлөнгөндөн кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы же жайыттарды пайдаланууну уюштуруу ыйгарым укугу берилген муниципалдык ишканалар тарабынан берилет.»;

б) 3-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн жыйымдын өлчөмү ар бир жайыт системасы жана жайыттарды пайдалануунун ар бир түрү үчүн жыл сайын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы же жайыттарды пайдаланууну уюштуруу ыйгарым укугу берилген муниципалдык ишкана тарабынан оптималдуу жүктөмдү эске алуу менен салыктын базалык ставкасынан кем эмес аныкталып, жайыт пайдалануунун жылдык пландарына киргизилет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитилет.»;

9) 11-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«11-берене. Жайыт пайдалануу үчүн каражаттарды пайдалануу

Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн каражаттар жергиликтүү бюджетке түшөт жана жайыттарды жана жайыт инфратүзүмүн жакшыртуу үчүн колдонулат.»;

10) 17 жана 18-беренелер төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«17-берене. Талаш-тартыштарды чечүү

Тараптардын ортосундагы талаш-тартыштар сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет. Эгерде макулдашууга жетишилбесе, талаш-тартыш сот тартибинде чечилет.

18-берене. Ушул Мыйзамды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

Кызмат адамдары жана жайыт пайдалануучулар ушул Мыйзамды жана жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленген тартипти бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчилик тартат.».

**9-берене**

«Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого)

*(Уландысы 7-бетте)*

## АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК РЕФОРМАНЫН АЛКАГЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*(Башталышы 6-бетте)*

мораторий киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., №7, 767-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-берененин экинчи бөлүгүндө:

а) 11-пунктта «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) төмөнкүдөй мазмундагы $12^1$ жана $12^2$-пункттар менен толукталсын:

«$12^1$) көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу үчүн берилүүчү жерлерге;»;

$12^2$) шаарлардын административдик чектеринде жайгашкан жерлерге. Шаарлардын административдик чектеринде жайгашкан жерлерди которуунун (трансформациялоонун) тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат;»;

2) 2-берененин биринчи абзацында «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**10-берене**

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына («Эркин-Тоо» гезити, 2013-жылдын 12-июлу, №58) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-беренеде:

а) берененин аталышы жана 1-бөлүгү «Мыйзамдын», «мыйзамдын» деген сөздөрдөн кийин «, башка ченемдик укуктук актынын» деген сөздөр менен толукталсын;

б) 3-бөлүктө:

– биринчи абзац «мыйзамдар» деген сөздөн кийин «, башка ченемдик укуктук актылар» деген сөздөр менен толукталсын;

– 2 жана 7-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын;

в) 5 жана 6-бөлүктөр күчүн жоготту деп таанылсын;

2) 4 жана 5-беренелер төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4-берене. Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын негизинде мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү

Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актынын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүдө ушул Мыйзамдын 3-беренесинин жоболорунун талаптары сакталууга тийиш.

5-берене. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды келишимдин негизинде берүү

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде, ушул Мыйзамдын 3-беренесинин жоболорунун талаптарын сактоо менен жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө типтүү келишим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилет.»;

3) 9-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«9-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча милдеттерди аткаруучу адиси

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча милдеттерди аткаруучу адиси контракттык негизде (эмгек келишиминин негизинде) жалданат, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.»;

4) 10-беренеде:

а) 1-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

б) 2-бөлүктүн экинчи абзацы «мыйзамда» деген сөздөн кийин «, башка ченемдик укуктук актыда» деген сөздөр менен толукталсын;

5) 12-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу жөнүндө отчет мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамда, башка ченемдик укуктук актыда же келишимде белгиленген мөөнөттөрдө берилбеген учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамда, башка ченемдик укуктук актыда же келишимде каралган жоопкерчиликти тартат.»;

6) 14-беренеде:

а) 1-бөлүктө:

– 1-пункт «мыйзамдын» деген сөздөн кийин «, башка ченемдик укуктук актынын» деген сөздөр менен толукталсын;

– 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзам, башка ченемдик укуктук акт белгиленген тартипте күчүн жоготту деп таанылганда;»;

б) 3-бөлүк «Мыйзамдын» деген сөздөн кийин «жана башка ченемдик укуктук актынын» деген сөздөр менен толукталсын;

в) 4-бөлүктүн экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети мамлекеттик органдын сунуштамасын карайт, көрсөтүлгөн себептердин аныктыгы белгиленгенде мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө же аны күчүн жоготту деп таануу жөнүндө тиешелүү ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу ченемдик укуктук актынын тиешелүү долбоорун демилгелейт.»;

г) 5-бөлүктүн биринчи абзацында «Мыйзам» деген сөз «Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актынын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

д) 6-бөлүктүн экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бир айлык мөөнөттө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунуштамасын карайт, көрсөтүлгөн себептердин аныктыгы белгиленгенде мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө же аны күчүн жоготту деп таануу жөнүндө тиешелүү ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу ченемдик укуктук актынын тиешелүү долбоорун демилгелейт.»;

7) 15-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын;

«15-берене. Чыр-чатактарды жана талаш-тартыштарды чечүү

1. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу маселелери боюнча тараптардын ортосундагы талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жолу менен чечилет.

2. Талаш-тартыш жана пикир келишпестик тараптар тарабынан чечилбеген учурда, бардык пикир келишпестиктер ушул Мыйзамдын 14-беренесинде белгиленген тартипте чечилет.».

**11-берене**

«Борбордун статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., №11, 1195-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 10-берененин 2-бөлүгүндө «4 жыл» деген сөздөр «5 жыл» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 13-берененин 4-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

3) 15-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы $5^1$-пункт менен толукталсын:

«$5^1$) коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерин жана жалпы пайдалануудагы автомобиль транспортунда жүргүнчүлөрдү ташуу акысын бекитүү;»;

4) 20-берене:

а) төмөнкүдөй мазмундагы $14^1$–$14^3$-пункттар менен толукталсын:

«$14^1$) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте автоматташтырылган маалыматтык системаларды колдонуу менен иш жүргүзүү;

$14^2$) шаардын административдик-аймактык чектеринде мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча иштерди уюштуруу, ошондой эле жайыттарды мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү жана аларды пайдалануу тартибин белгилөө;

$14^3$) калктуу конуштун ичинде суу пайдалануунун эрежелерин белгилөө, ирригациялык курулмаларды эксплуатациялоо, күтүү;»;

б) 21-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«21) жер мыйзамдарында аныкталган компетенцияга ылайык чечим түрүндө жерлердин бардык категорияларын жана жерлердин түрлөрүн жерлердин башка категорияларына же жерлердин түрлөрүнө которуу (трансформациялоо) же которууга макулдук берүү;».

**12-берене**

«Ош шаарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., №11, 1196-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 10-берененин 2-бөлүгүндө «4 жыл» деген сөздөр «5 жыл» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 13-берененин 4-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

3) 15-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы $5^1$-пункт менен толукталсын:

«$5^1$) коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерин жана жалпы пайдалануудагы автомобиль транспортунда жүргүнчүлөрдү ташуу акысын бекитүү;»;

4) 20-беренеде:

а) төмөнкүдөй мазмундагы $14^1$–$14^3$-пункттар менен толукталсын:

«$14^1$) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте автоматташтырылган маалыматтык системаларды колдонуу менен иш жүргүзүү;

$14^2$) шаардын административдик-аймактык чектеринде мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча иштерди уюштуруу, ошондой эле жайыттарды мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү жана аларды пайдалануу тартибин белгилөө;

$14^3$) калктуу конуштун ичинде суу пайдалануунун эрежелерин белгилөө, ирригациялык курулмаларды эксплуатациялоо, күтүү;»;

б) 19-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«19) жер мыйзамдарында аныкталган компетенцияга ылайык чечим түрүндө жерлердин бардык категорияларын жана жерлердин түрлөрүн жерлердин башка категорияларына же жерлердин түрлөрүнө которуу (трансформациялоо) же которууга макулдук берүү;».

**13-берене**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 22-октябры, №109) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 7-берененин 6-пунктунда «жана бажылык» деген сөздөр алып салынсын;

2) 27-берененин 22-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«22) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү;»;

3) 29-беренеде:

а) 2-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү берилген ыйгарым укуктарды ишке ашыруу шарттарын зарыл материалдык жана финансылык каражаттар менен мамлекеттик камсыз кылуу тартибин бир убакта белгилөө менен мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын негизинде, ошондой эле келишим менен жүзөгө ашырылат.»;

б) 5-бөлүктүн биринчи абзацы «мыйзамдар» деген сөздөн кийин «жана башка ченемдик укуктук актылар» деген сөздөр менен толукталсын;

4) 30-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Жергиликтүү кеңештер – ушул Мыйзамда, шайлоо жөнүндө жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте айыл аймактарында, шаарларда жергиликтүү коомдоштуктар тарабынан 5 жылдык мөөнөткө шайлануучу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары.»;

5) 33-берене төмөнкүдөй мазмундагы $2^1$ жана $2^2$-бөлүктөр менен толукталсын:

«$2^1$. Жаңы шайланган жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясы тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын көмөктөшүүсүндө мурдагы чакырылыштагы жергиликтүү кеңештин төрагасы тарабынан тиешелүү кеңешти шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн тартып эки жумалык мөөнөттөн кечиктирбестен чакырылат. Жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясын тиешелүү жергиликтүү кеңештин жаш курагы боюнча эң улуу депутаты ачат.

Жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясынын күн тартибине жергиликтүү кеңештин төрагасын, анын орун басарын шайлоо маселелери жана жергиликтүү кеңештин ишин уюштуруунун башка маселелери киргизилет.

$2^2$. Жаңы түзүлгөн айыл аймактарында жана шаарларда жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясы тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан тиешелүү кеңешти шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн тартып эки жумалык мөөнөттөн кечиктирилбестен чакырылат.»;

6) 34-берененин 2-бөлүгүндө:

а) 11-пунктта «ошондой эле мыйзамдарга ылайык турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жок кылуу үчүн тарифтерди бекитүү» деген сөздөр «ошондой эле турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жок кылуу, башка коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн тарифтерди мыйзамдарга ылайык бекитүү» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) төмөнкүдөй мазмундагы $11^1$-пункт менен толукталсын:

«$11^1$) жалпы пайдалануудагы автомобиль транспортунда жүргүнчүлөрдү ташууга тарифтерди бекитүү;»;

7) 38-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Калкынын саны 6000 адамга чейинки жергиликтүү кеңештердин ишин айыл өкмөттөрүнүн аппараттары камсыз кылат, калкынын саны 6001ден 20000 адамга чейинкилерди – жергиликтүү кеңештердин жооптуу катчылары, калкынын саны 20001ден жогору болгондорду – Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу типтүү ченемдердин негизинде жергиликтүү кеңештер түзүүчү аппараттар камсыз кылат.»;

8) 40-берененин 6-бөлүгүндө «эмгек акынын» деген сөздөр «бир күндүк эмгек акынын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

9) 42-берененин 2-бөлүгүнүн 3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3) кайра уюштурууга алып келүүчү тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин чектери өзгөргөн учурларда, же болбосо Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде административдик-аймактык түзүлүштүн жалпы түзүмүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу;»;

10) 45-беренеде:

а) биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Шаардын мэриясы:»;

б) төмөнкүдөй мазмундагы $13^1$–$13^3$-пункттар менен толукталсын:

«$13^1$) Министрлер Кабинети аныктаган тартипте автоматташтырылган маалыматтык системаларды колдонуу менен иш жүргүзөт;

$13^2$) шаардын административдик чектеринде мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча иштерди, ошондой эле жайыттарды мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүүнү жана аларды пайдалануу тартибин белгилөөнү уюштурат;

$13^3$) калктуу конуштун ичинде суу пайдалануунун, ирригациялык курулмаларды эксплуатациялоонун, күтүүнүн эрежелерин белгилейт;»;

11) 48-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы $4^1$-пункт менен толукталсын:

«$4^1$) кесиптик кызматтык ишин туруктуу негизде жүргүзгөн жана эмгек акысын жергиликтүү бюджеттен алган маданият жана спорт кызматкерлерин Министрлер Кабинети аныктаган тартипте кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот;»;

12) 51-берене төмөнкүдөй мазмундагы $9^1$–$9^3$-пункттар менен толукталсын:

«$9^1$) Министрлер Кабинети аныктаган тартипте автоматташтырылган маалыматтык системаларды колдонуу менен иш жүргүзөт;

$9^2$) мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча иштерди, ошондой эле жайыттарды мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүүнү жана аларды пайдалануу тартибин белгилөөнү уюштурат;

$9^3$) калктуу конуштун ичинде суу пайдалануунун, ирригациялык курулмаларды эксплуатациялоонун, күтүүнүн эрежелерин белгилейт;»;

13) 54-берене төмөнкүдөй мазмундагы $8^1$-пункт менен толукталсын:

«$8^1$) кесиптик кызматтык ишин туруктуу негизде жүргүзгөн жана эмгек акысын жергиликтүү бюджеттен алган маданият жана спорт кызматкерлерин Министрлер Кабинети аныктаган тартипте кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот;»;

14) 55-берененин 3-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

15) 56-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«56-берене. Айыл башчысы

1. Айыл өкмөтүнүн башчысынын чечими менен айыл аймагынын өзүнчө жайгашкан калктуу конуштарында жергиликтүү маанидеги маселелерди ыкчам чечүүнү уюштуруу максатында айыл башчысы эмгек келишиминин негизинде ишке жалданып алынышы мүмкүн.

2. Айыл башчысынын милдеттери жана функциялары айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан аныкталат.»;

16) 62-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Жергиликтүү курултайдын ишин уюштуруу жана анын тартиби Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен аныкталат.».

**14-берене**

«Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 2-ноябры, №113–114) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 20-берененин 5-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5. Ротациялоо бирдей кызмат орундарына же болбосо бир топтун чегинде жүргүзүлөт. Кызматчыны төмөн турган кызмат орундарына ротациялоодо кызматчынын эмгек акысы кийинки кайра уюштурууга, милдеттердин жана функциялардын өзгөрүшүнө байланыштуу уюштуруучулук түзүмү өзгөргөнгө жана эмгек акы төлөө шарттарынын жакшырышына чейин мурдагы кызмат орду боюнча сакталат.»;

2) 21-беренеде:

а) 5-бөлүктө «көлөмдө» деген сөз «тартипте жана көлөмдө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 7-бөлүктө «кадрлар резервинде турган» деген сөздөр «квалификациялык талаптарга ылайык» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 30-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жоюлганда же кайра уюштурулганда, анын штаты кыскарганда кызматчыга анын кесибин жана квалификациясын эске алуу менен кызмат орундарынын тиешелүү категориясынын чегинде башка иш сунуш кылынууга тийиш. Бош орун жок болгон жана иштен бошотулуп жаткан кызматкердин макулдугу болгон учурда, ага кийин кайра уюштурулганга, милдеттердин жана функциялардын өзгөрүшүнө байланыштуу уюштуруу түзүмү өзгөргөнгө жана эмгек акы төлөө шарттарынын жакшырышына чейин мурдагы кызмат орду боюнча орточо эмгек акысын сактоо менен төмөнүрөөк категориядагы башка кызмат орду берилет.»;

4) 37-берененин 1-бөлүгүнүн 13-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

**15-берене**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши менен жергиликтүү кеңештер кайра уюштурууга алып келүүчү тиешелүү административдик-аймактык бирдиктердин чектеринин өзгөрүшүнө байланыштуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде административдик-аймактык түзүлүштүн жалпы түзүмүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу таркатылууга тийиш деп белгиленсин.

Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 29-июлу, №152***

КҮЧ АТАСЫН ТААНЫБАЙТ
www.erkin-too.kg

Кыргыз күрөшү федерациясынын президенти Рыскелди ШАМИЕВ:

# “ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНӨН ТАНДАЛГАН БАЛБАНДАР КЫРГЫЗ КҮРӨШҮНҮН ЧЕМПИОНАТЫНА КЕЛЕ ЖАТЫШАТ”

Борбор калаабызда 22-23-август күндөрү кыргыз күрөшү боюнча дүйнөлүк чемпионат жана Президенттин кубогу өтөт. Ага дүйнөнүн 30дан ашуун өлкөсүнөн 200гө жакын балбандар катышат. Чемпионаттын алдында Кыргыз күрөшү федерациясынын президенти Рыскелди Шамиевди кепке тарттык.



**- Рыскелди мырза, борбор калаабызда кыргыз күрөшү боюнча Президенттин кубогу жана дүйнөлүк чемпионат өткөнү жатат. Кайсы өлкөлөрдөн балбандар келет? Даярдыктар кандай?**

- Чемпионатка дүйнөнүн 30дан ашуун мамлекетинен балбандар келе катышат. 17 өлкөнүн 17 чемпиону келе жатат.

**- Кайсы өлкөлөрдөн келишет?**

- Америка, Монголия, Россия, Иран, Түркия, Македония, Румыния, Италия, Казакстан ж.б. өлкөлөрдөн келишет. Бул кыргыз күрөшү боюнча экинчи дүйнөлүк чемпионат.

**- Кыргыз күрөшү эл аралык аренага канчанчы жылдан тартып чыга баштады?**

- Чындыгын айтканда кыргыз күрөшү мен федерацияга жетекчи болуп келгенге чейин той күрөшү болуп келген. Дүйнөлүк аренага чыгып, эл аралык суроо-талаптарга жооп бериш үчүн кыз-келиндер ортосундагы күрөштү да киргиздик. Азыр дүйнөнүн 28 мамлекетинде кыргыз күрөшүнүн федерациясы бар. Алты жылдын ичинде ошол федерациялардын баарын ачып, түптөдүк. Ал мамлекеттер кыргыз күрөшүн эл аралык спорттук оюн катары таанып, өздөштүргөн. Чемпионатка алардын эң кыйын балбандары келе жатат. Ошонун негизинде азыр дүйнөлүк чемпионат өтүп жатат.

**- Президенттин кубогу тууралуу айта кетсеңиз?**

- Президентибиз Садыр Нургожоевич спортту өнүктүрүүгө чын ниеттен жардам көрсөтүп, ар тараптан колдоп келе жатат. Президенттин кубогу салмагы 100 килограммдан ашкан алп балбандардын ортосунда болот. Кубоктун жалпы байгеси 1 миллион сомду түзөт, эң чоң байге – калкан. Калкан биздин баатырлардын эл-жерин сырткы душмандардан коргогондо колдонгон улуттук, аскердик куралы болгон. Чемпионатта байге катары берилчү калкан жөн калкан эмес. Анда кыргыздын баалуулуктары катылган. Өлкөбүздүн жети облусунан табылган жети түрдүү асыл таштар менен кооздолгон. Калкандын ичинде кыргыздын нукура, улуу философиясы катылган. Байыркы элдин тили, каада-салты, тарыхы, маданияты анан улуттук оюндары болуш керек. Улуттук оюндар аркылуу бизди дүйнө элдери таанып билет. Биздин максатыбыз – коңшу өлкөлөрдөн кем калбай кыргыздын улуттук оюндарын эл аралык аренага алып чыгып таратуу, даңазалоо болуп саналат. Ал үчүн болгон күч-аракетибизди жумшап жатабыз. Дүйнө жүзүнөн тандалган балбандар кыргыз күрөшүнүн чемпионатына келе жатканы тарыхый иш-чара. Ошол үчүн бир жылдан бери даярдык көрүп жатабыз.

**- Кыргыз күрөшүнүн дүйнөлүк спорт оюндарынын эл аралык суроо-талаптарына, стандарттарына жооп бере турган эрежелери иштелип чыкканбы?**

- Буга чейин 1-2-3-Көчмөндөр оюндарынын алкагында эрежелерди өзгөрткөнбүз. Дүйнөлүк стандартка келтириш үчүн биз кыз-келиндер күрөшүн да коштук. Эл аралык талаптарга жооп бериш үчүн бир топ өзгөртүүлөрдү киргиздик.

**- Мисалы, кандай өзгөрүүлөр болду?**

- Эң биринчи кийимине көңүл бурдук. “Манас” эпосубуздагы Каныкей апабыздын Кошой баатырга тигип берген кандагай шымы бар эмеспи. Мурда балбандар бел курчоодон өйдө жылаңач күрөшчү. Азыр үстүнө да ак кездемеден тигилген, күрөшүүгө ыңгайлуу кийим кийгиздик. Ак деген сөз кыргыз үчүн илгертен жакшылыкты билдирип келген. Ак жалгасын, ак жолтой болсун, ак жол деген тилектерин айтышкан. Күрөшкөнү кызыл кур менен айырмаланып турат. Калыстардын арасында да өзгөрүү болгон. Калыстар да бир өңчөй форма менен чыгышат. Бул эрежелердин киргизилгенине сегиз жыл болуп калды. Кыргыз күрөшүндө атайын форма менен гана күрөшөт. Ансыз күрөшпөйт. Чемпионатка келген 30дан ашуун мамлекеттин балбандарынын баарына тең кыргыз күрөшүнүн формасы берилет.

**- Кандай убакта жеңген болуп эсептелет?**

- Эл аралык күрөштө “туше” деп айтылса, бизде “таза” деп айтылат. Белдеги курдан кармап туруп, жамбашка алып чапканда балбандын далысы жерге тийсе таза жеңиш болуп саналат. Бирок, “таза” менен утуш абдан кыйын. Кыргыз күрөшүнүн ыкмалары кыргыз, англис, испан, кытай, орус – дүйнөнүн беш тилинде видеосу менен биздин сайтка коюлган.

**- Анда балбандар кыргыз күрөшүнүн эрежелерин билсе керек?**

- Ооба, эң сонун билишет. Керек болсо алар кыргыздардан жакшы билет. Өткөн сегиз жылдын ичинде кыргыз күрөшү боюнча дүйнөнүн кубогу, Азия биринчилиги боюнча эл аралык мелдештер болгон.

**- Кайсы мамлекеттерде өткөн?**

- Өзбекстанда гран-при, Россияда дүйнө биринчилиги болду. Андан сырткары этнофестифалдардын баарына катышып келе жатабыз. Биздин кыргыз күрөшүн азыр он чакты мамлекеттин балбандары абдан мыкты өздөштүрүп алышкан. Кыргыз балбандары Азия биринчилигинде экинчи орунду алып калган. Биринчи орунга Монголия ээ болгон. Калканды монгол алып кеткен. Ал монгол бул жолу да билегин түрүнүп чемпионатка келе жатат.

**- Кыргыздардан чыккан кандай балбандар бар?**

- Кыргызстандын намысын коргогон Бактыяр Мирлан уулу, Бекболот Токтогонов сыяктуу балбандарыбыз бар. Күч атасын таанбайт дейт. Спорттук оюндарда калыстык биринчи орунда туруш керек. Кол ийрисине тартат болбой калыстар калыс болушу абзел. Спортто жеңгени, татыктуусу утат. Ошончо мамлекеттен балбандар кыргыз күрөшү боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогуна баратабыз деп келе жатканы, биз үчүн чоң сыймык. Бул дүйнөлүк чемпионат Кыргыз Автономиялык областынын түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына, алдыда келе жаткан Эгемендүүлүк күнүнө арналган чоң майрам болот.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

# ТЕЛЕФОНДОР КАТТООДОН ӨТӨ БАШТАДЫ



Кыргызстанда июнь айынан тартып телефондор каттоодон өтө баштады. Буга байланышкан токтомду КР Министрлер Кабинети кабыл алган. Адистер бул кадамга баруунун негизги себеби, өлкөгө контрабандалык жол менен кирип жаткан уюлдук байланыш каражаттарына бөгөт коюу жана телефон уурулугун жок кылуу дейт. Ал эми бул система дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө бир канча убакыттан бери эле иштеп келет. Эми ар бир жаран ар бир сатып алган телефонун 30 күндүн ичинде каттоодон өткөрүүсү зарыл. Каттоодон өтпөгөн аппарат байланышсыз калышы ыктымал. Каттоого лицензияны "Инмобайлс" жеке ишканасы алды. Аны менен катар УКМК, Бажы кызматы, Салык кызматы, Санариптик өнүктүрүү министрлиги өңдүү мамлекеттик органдар менен биргеликте иш баштады.

Эгерде телефон Кыргызстанда 2024-жылдын 25-июнуна чейин колдонууда иштеп турган болсо, ал автоматтык түрдө мамлекеттик маалымат базасынан катталып, эч бир чектөөсүз иштей берет.

**«Инмобайлс» компаниясынын Кыргызстандагы өкүлү Айбек БАКАНОВ:**

- Каттоо системасы жасалма телефондорду ташып келүүнү көзөмөлдөөнү шарттайт. Керектөөчүлөр алардын түзүлүшү жасалма эместигине ишенимдүү болушат. Система жоголгон же уурдалган аппараттарды блоктоо аркылуу керектөөчүлөрдүн коопсуздугун жогорулатат. Телефондор радио жыштыктарды таратуу үчүн улуттук жана эл аралык стандарттарга ылайык келет. Каттоодон өтүү шартында жарандардын жеке маалыматтары боюнча коопсуздук чаралары сакталган.

**КАТТОО ТАРТИБИ**

Телефондорду каттоо үчүн төлөм төлөнөт. Анын баасы 528 сомду түзөт. Ал эми ушул жылдын 16-августуна чейин каттоодон өтпөгөн мобилдик телефондордон байланыш өчүрүлөөрүн адистер эскертишет. Бул багытта Бишкектеги соода борборлорунун биринде телефон сатып иш алып барган ишкер менен байланыштык. Каттоо тууралуу өз оюн төмөндөгүчө билдирди.

**Жеке ишкер Курманбек САМАТБЕКОВ:**

- Телефондорду каттоо боюнча маалыматтар бизге түшүндүрүлүүдө. Негизинен сатыкка чыккан телефондорду каттап баштадык. Бул процесс телефондун баасына кичине таасир берет го деп ойлойм. Анткени сатып алган кардарыбызга каттоону www.imei.kg сайты аркылуу каттап жатабыз. Каттоо иши, мыйзамсыз телефон сатуу, колдонууга каршы экенин колдоого болот.

**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮН КООПСУЗДУГУ**

Эгерде жаран телефонун жоготсо же аны уурдатса, ал бул тууралуу ички иштер органдарына билдире алат. Же SIS системасы аркылуу катталган телефонду блокко салууга болот. Эгерде ага кимдир бирөө ээлик кылса, ал аны пайдалана албай калат, блоктоого шарт түзүлөт. Имей кодун каттоо аркылуу каражаттын жасалма жана сапатсыз экенин билүүгө болот. Анткени жасалма телефондордун коопсуздугу текшерилбейт. Жасалма телефондор, аккумуляторлору жана заряддоо түзүлүштөрү арзан, сапатсыз компоненттерден даярдалат дешет адистер. Мындай каражаттардын сертификациясы жок, бул колдонуучулар үчүн коопсуз болуп эсептелет. Алар аккумуляторлорунун жарылышы сыяктуу техникалык мүчүлүштүктөргө көп кабылат. Адам ден соолугу үчүн ар кандай зыяндуу кесепеттерди пайда кылган коргошун жана сымап сыяктуу коркунучтуу химиялык заттарды жана металлдарды камтышы мүмкүндүгү бар экенин эске алуу зарыл дешет адистер.

**Даярдаган**
**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ТАШКА ЧЕГИЛГЕН ТАРЫХ
www.erkin-too.kg

**Филология илимдеринин доктору, түрколог Кадыралы КОНКОБАЕВ:**

# "БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ҮЧ ДООРУ БАР"



*(Башталышы гезиттин 30.07.2024-ж., №57 санында)*

Биринчи байыркы кыргыз тили з, д доорлорунда болгон. Аюуну адык деген. Коенду козон деген. Андан кийин кодон деген. Анан й-га өтүп, коен деп, азыр биз сүйлөгөндөй айта баштаган. Ошентип, байыркы кыргыз тилинин өнүгүшүндө үч чоң доор бар. Ал з, д, й доорлору. Булардын ар биринин тарыхы, негиздемелери бар. Адык эне дегени орто кылымдарга туш келет. Байыркы кыргыз тилинин д учурун билдирет. Адык эне дегенди бүгүнкү адыгене уруусуна байланыштырбаш керек. Ал алда канча мурда пайда болгон. Алтайда биз тапкан бир жазууда "Тукэ мен битидим" дейт. Туке дегени Темир, же Темиркулду кыскартып айтканы, ал эми " битидим" дегени "мен чийдим" дегенди билдирет. Ушул сөз жазылган таштын бетинде эликтер, эликтерди жаа менен атып жаткан башына калпак кийген кыргыздын сүрөтү турат. Ал жазуулардын бир өзгөчөлүгү – үчүнчү жак менен айтат. Дагы бир таш бетиндеги жазууда "Мен өлдүм. Менин мынча балам бар эле, мынча дүйнөм бар эле" деген эпитапия, эстелик сөздөр жазылган. Көзү өтүп кеткен кишинин туугандары жазып калтырган.

**- Кадыралы агай, сиз тээ СССРдин убагында экспедицияларга чыгып жүргөнсүз. Алгач кайсы жерлерге бардыңыз?**

- Мен Дмитрий Васильев, Игорь Кармушин, Виктор Бутанаев өңдүү кишилер менен экспедицияларга чыктым. Алгач 1987-жылы Монголияга баргамын. Ошондо Илимдер Академиясы Москвага эки жыл кат жазып жүрүп уруксат алып берген. Эки ай сурасам араң эки жумага макул болушкан. Кышындасы, 30 даража суукта Монголияны түрө кыдырып чыккамын. Көктүрк, Тонукөк жазмаларын биринчи көргөнүмдө аябай таң калгамын. Андан кийин көп кыдырдык. Баарын чийдик, тарттык. Эмнени гана баштан кечирген жокпуз. Ошол 40 жылдык көшөрө иштеген эмгегибиз "Орхон-Енисей жазуу эстеликтери" деген 7 том китеп болду. Анын биринчи тому жарык көрдү. Калган алты тому даяр бойдон турат. Каржы табылып калса ал китептер да жарык көрөт. Түркиялык окумуштууларды 2011-жылы мен чакырып келип, Түштүк Сибирдин баарын кыдырып чыктык. Минусинск шаарында Мартьянов деген музей бар. Мартьянов 1878-жылдарда, ал өзү соодагер болгон экен, акча топтоп кирпичтен эки кабат музей курган. Кийин ал музей Николай Мартьянов атындагы музей болду. Биздин Енисей каганатындагы жазуу эстеликтердин, айкелдердин бүт баары ошол музейде сакталып турат. Ал музейде кадимки Барсбек кагандын эстелиги бар. Ал эстелик Түндүк Хакасиядагы Алтын-Көл деген жерден табылган. Бийиктиги 1 метр 20 сантиметр, туурасы 40 сантиметр келген эстелик.

**- Көп жылдардан бери түркологияны изилдеп жүрөсүз. Акыркы мезгилде ага болгон кызыгуу бизде, тектеш элдерде да күч алып бара жатат. Түркология илиминин келечеги кандай болот?**

- Бүгүн түркология илими белгилүү бир деңгээлге көтөрүлдү деп айтсак болот. Биз эгемендүү мамлекет болгондон кийин Түрк мамлекеттер уюму түзүлдү. Алты түрк мамлекети өз алдынча көз карандысыз мамлекет болду. Мурда түркология илиминин борборлору Европа, Москва, Петербургда болуп келсе, азыр түрк мамлекеттерине өтө баштады. Учурда Америкадагы, Кытайдагы, Россиядагы мыкты түркологдордун көбүнүн көзү өтүп кетти. Орус, венгер, немис, француз түркологиясы дегендер болгон. Акырындап алардын баары түрк мамлекеттерине өтө баштады. Азыр Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Түркияда түркологияны изилдей турган өз окумуштуулары пайда болду. Ал турсун Кыргызстандан чыккан мыкты түркологдор менен бүткүл дүйнө эсептеше баштады. Сыртка чыкканда бизди алар "Конкобаевдин тобу" деп атай турганын билдик. Менин шакиртим Нурдин Усеев түрк жазма эстеликтерин изилдөө боюнча дүйнөдөгү эң алдыңкы окумуштуулардын бири болуп калды. Кыргызстандын өзүндө аны таанып билишпегени менен сыртта жакшы билишет. Ал эми Негизбек Шабданалиев Махмуд Кашкари боюнча мыкты адис. Карахандардын тилин жакшы билет. Менин Мирзат Рахымбек уулу деген дагы бир окуучум бар, ал чагатай тили боюнча адистешкен. Ал тилди тим эле семичкедей чагат. Аларды биз, кыргыздар, өзүбүз жакшы баалабайбыз.

**- Ошол чагатай, байыркы кыргыз тилиндеги сөздөрдү маанисине жараша которуп, азыркы биз колдонуп жаткан кыргыз тилине алып келип пайдалансак болобу? Сөз корубуз байыйт беле?**

- Бул жерде бир чоң маселе бар. Өткөн жылы Молдонияз акындын 200 жылдыгын белгиледик. Молдонияздын доорунда жазылып калган көп сөздөрдү азыркы кыргыздар жакшы түшүнө бербейт. Аны окуп, түшүнө турган белгилүү окумуштуу Омор Сооронов, менин окуучум Гүлзада Нурмаматова бар. Жусуп Баласагын Токмокто, ал эми Махмуд Кашкари Ысык-Көлдө, Барскоондо туулган. Эмне үчүн биз аларды кыргыздын акыны деп айта албайбыз. Ошондай эле Таш-Рабадда, биздин Алайкуда карахан тилинде жазылган жазуулар бар. Анда "Мен Кумар Ярамук эс алып жатып, 1073-жылы 25-майда, дүйшөмбү күнү жаздым" деген жазуу бар. Менин эки окуучум Кыргызстандагы чагатай тилиндеги эстеликтерди изилдешти. Азыр адистерибиз бар, бирок аларды мамлекет жакшы пайдаланбай жатат.

**- Сизге түрк тилдүү деген аталыш тууралуу суроону атайын камдап койгонмун. Бул аталыш кайдан, качан чыккан? Эмне үчүн түрк тилдүү элдер, же түрк эли деп айтылат. Бул аталыштын азыркы Түркиядагы түрктөргө тиешеси барбы, же жокпу? Түрколог катары ушул маселени ачык, так айырмалап айтып бериңизчи. Кийинки кезде биздин баарыбызды эле түрк деп атай баштаашты. Кыргыз түркү, казак түркү, өзбек түркү деп аташат. Ушул кантип болсун? Биз кылымдардан бери өзүбүзчө эл болуп, кыргыз болуп аталып келбедик беле?**

- Кээ бирөөлөр "түрк тилдүү" деген аталышты азыркы түрктөргө байланыштырып жүрүшөт. Түз эле айтайын, эч кандай байланышы жок. Орус түркологиясында XVIII кылымда "тюркоязычные народы", русскоязычные, славяноязычные народы" деп жазышкан. Түркия өзүнчө чоң мамлекет болуп өздөрүн "Түрк Республикасы" деп атагандан кийин эле мурдагы "түрк" деген сөздү жалпы казак, кыргыз, өзбек, түркмөн, татар элдерин Түрк Республикасына байланыштырып айткан туура эмес түшүнүктөгү адамдар көбөйдү. Чындыгында андай эмес.

**- Сиз сыяктуу калыс сөздү ачык айткан окумуштуулар да болбой жатпайбы?**

- Түркияда эң чоң түрколог аалымы бар. Тээ союз кезинде мен СССРдин атынан барып "түрк элдеринин салыштырмалуу сөздүгүн" жазганбыз. Жети жарым миң түркчө сөздү азербайжан, башкыр, кыргыз, түркмөн, татар, орусчага которуп, 1600 беттен турган сөздүктү түзгөнбүз. Бул Махмуд Кашкариден кийинки эле түрк тилдүү элдердин экинчи көлөмдүү сөздүгү. Бир кызык нерсе бар бул жерде. Орус падышачылыгы эң биринчи көргөн түрк элдери сахалар болгон. Сахаларда Жакут деген ат көп. Жакут деген алтын дегенди билдирет. Орустар жакут дегенди якут деп айтып, ошондон азыркыча саха-якут болуп аталып кеткен. Якуттар негизинен үч чоң этникалык топтон турат. Биринчиси кангыла дос. Азыркы каңгы деген урууну билдирет. Андан кийин курхан дегендер болгон. Бул буряттардын аталары. Бир бөлүгү ошолор. Экинчи чоң бөлүгү Енесай кыргыздары. Сибирде жашаган кыргыздар. Жер тоңгондо кышта суунун үстүнөн чана менен өтүшкөн. Саха-якуттардын биринчи көргөн эли кыргыздар болгон. Орустун XVII, XVIII, XIX, XX кылымдардагы, ал турсун 1926-жылкы СССРдин эл каттоосуна чейин Сибирде киргиз деген ат аябай көп болгон. "Киргизская землица" дешкен. "Кыргыз жери" деп айтылган. Кыргыз эли тарыхта аябай чоң аймактарды ээлеген эл болгон. Бирок, кийин совет доорундагы кызыл камчы идеологиянын бир жактуу, өктөм саясатынын, аны колдоого алган жалган тарыхчыларыбыздын айынан көчүрмө, жасалма тарыхка ээ болуп калдык. Орус эмнени жазса, ошол бизге акыркы чындык болуп көрүнүп калды. Бүгүнкү кыргыз тарыхын ревизиялай турган, реформалай турган учур небак эле келген. Пржевальский Кыргызстанга келгенде "где каменные киргизы. Вон там ходят, пасутся как бараны" деп бутага алып аткан жерлери жазылып калган. Президент Садыр Жапаров "Кыргызстандын өнүгүшүнүн жаңы багыттары" деген китебинде "кыргыз тарыхын кайрадан жазып чыгыш керек" деп жазган. Мен кыргыздардын ташта калган жазууларын, эстеликтерин изилдеп жүрүп көп жерлерди көрдүм. Мен көргөн жерлердин бардыгында кыргыздардын руханий, маданий, материалдык маданияттарынын эстеликтери толуп жатат. Монголиянын көп жерлеринде азырга чейин "Кыргыз үйүр", "Кыргыз көрүстөнү" деп аталып келе жаткан жерлер бар. Кээ бир жомокторунда балдарды "Ыйлаба, кыргыз келатат" деп коркуткан. Ал эми орустар кыздарын "үйдөн алыс чыкпагыла, коркунучтуу кыргыздар чыга калат" деп частушкаларында ырдашкан. Мен ал ырларды диктофонго жаздырып алгамын. Кыргыз элинин тарыхый ордун калыбына келтирүү Кыргыз мамлекетинин милдети болуп саналат.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

**Маектин видео-версиясын QR-код аркылуу көрө аласыздар**

## АЙМАКТАРДА...

**Бишкек.** Баш калаада жаңы окуу жылына карата бардык мектептерде сабак саат 7.30да башталбайт экен. Бул жөнүндө Билим берүү департаментинен билдиришти. Көптөгөн мектептер, өзгөчө башталгыч класстар үч сменде окушат экен. Балдар үйлөрүнө кечикпей жетсин деген максатта ушундай чечим кабыл алыныптыр. Буга чейин шаардагы 103 мектептин 14ү саат 7.30да иштей баштаса, сентябрь айынан баштап мындай мектептердин саны 44кө жетерин айтты. Бишкек шаарында бардыгы болуп 103 мектеп болсо, административдик-аймактык реформанын алкагында дагы он сегиз мектеп кошулуптур.

**Кара-Кулжа.** Райондук прокуратуранын берген маалыматына караганда, салык кодексинин аткарылышы боюнча текшерүү жүргүзүшүп, мыйзам бузгандарга иш козголуп сот органдарынын кароосуна жиберилген экен. Сот органдары тарабынан тиешелүү чечимдер кабыл алынып, 43 мамлекеттик жана муниципалдык кызмат адамдары административдик жоопкерчиликке тартылып, жалпы жонунан 129 миң сомдук айып пул салышканын райондук гезит кабарлады.

**Нарын.** Шаардын мэри Канболот Мусаевдин айтымында, мамлекеттик мекемелерде бардык иш кагаздары кыргыз тилинде гана жүргүзүлөт. Ошондой эле дүкөн, кафе, май куюучу жайлар, дарыкана, мончо жана башка объектилерде кыргыз тил мыйзамынын так аткарылышын талап кылып жатыптыр. Эгерде бир айдын ичинде кемчиликтер оңдолбосо, административдик чара көрүлөрүн билдирди.

**Жайыл.** Райондук ички иштер бөлүмүнүн жашы жете электер менен иштөө инспекциясынын маалыматы боюнча жаш балдардын катыштыгы бар укук бузуулар же кырсыктардын 70 пайызы ата-энеси миграцияда жүргөн үй-бүлөнүн балдары тарабынан болуп жатканы белгилүү болгон.

**Ноокен.** Аймактык реформанын натыйжасында райондо төрт айыл өкмөтү, эки шаар калды. Эргеш Алиев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Шергазы Алыкуловдун айтканына караганда, айыл аймагындагы 5,5 гектар жер аянтын мамлекеттик ипотекалык компанияга турак жай куруу үчүн өткөрүп берүү каралып жатыптыр. Ал жерге турак жайдан башка мектеп, социалдык имараттар курулат. Келерки жылы турак жайдын курулушу башталса, жарандар 30 жылдык мөөнөт менен ипотека аркылуу арзан үйлүү болуп каларын билдирет айыл өкмөт башчысы.

**Өзгөн.** Райондук билим берүү бөлүмүнүн билдиргени боюнча 2023-2024-окуу жылында 9 мектептин жана бир бала бакчанын курулушу жүрүп жатат. Ушул жылдын сентябрь айына карата эки мектеп, бир бала бакча пайдаланууга берилет.

